# Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тоо-кең казып алуучу компаниялар менен өз ара аракеттенүүсү суроо-жоооптордо.

# Взаимодействие органов местного самоуправления с горнодобывающими компаниями в вопросах – ответах.



Бишкек 2013

ОБСЕ
Центр ОБСЕ в г.Бишкек

Rural Development Fund

Рурал девелопмент фанд (РДФ)

2003-жылы уюштурулган коммерциялык эмес, өкмөттүк эмес илимий-изилдөө уюму. Биздин уюмдун аталышын сөзмө-сөз которгондо "Айылды өнүктүрүү фонду" болот, бул анын ишмердүүлүк багыттарына: социалдык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө, айылды өнүктүрүү тармагында коомдук саясатты түзүүгө жана долбоорлорду жүзөгө ашырууга көмөктөшүүгө толук дал келет.

**Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун (ЕККУ)**
**Бишкектеги борбору**

ЕККУ – Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму, коопсуздук маселелери боюнча иш жүргүзгөн дүйнөдөгү абдан ири региондук уюм.
ЕККУ чыр-чатактын алдын алуу, болтурбай коюу, кризистерди жөнгө салуу жана чыр-чатактан кийин калыбына келтирүү боюнча иш жүргүзөт.
ЕККУ 56 мамлекетте туруктуулуктун, гүлдөп-өсүүнүн жана демократиянын атынан иштейт. Ал жалпы баалуулуктар маселелери боюнча саясий диалогду жөнгө салат жана биздиндүйнөнү жакшыртууга багытталган практикалык иш алып барат.

# Мазмуну

Эгерде муниципалдык же жеке менчик жерлер же ЖӨБОго таандык же башкарууга берилген жерлер (жайыттар, КБФнын жерлери ж.б.) мамлекет тарабынан пайдалануу укуктарын тоо-кен казып алуучу компанияга берүү үчүн алынып коюлса, анда алардын компенсациясы же орду толтурулуусу кандайча жүргүзүлөт? 4

Буга чейин кен ишканасына алып баруучу трассадан алыс эмес жайгашкан үйлөрдүн жашоочулары тарабынан оор техника өткөндөн улам үйлөрдүн бузулгандыгы үчүн тоо-кен казып алуучу компания тарабынан компенсация төлөө маселеси көтөрүлгөн. Бирок эми 5-6 жылдан бери мындай маселе көтөрүлгөн жок. Мындай компенсацияларды төлөп берүүнүн, мезгилдүүлүгүнүн, мындай компенсация берүүнү ким талап кыла ала тургандыгынын жоболору барбы? 5

Биздин айылда тоо-кен казып алуучу компаниялардын ишмердүүлүгү мөңгүлөрдүн абалына таасир эте тургандыгын айтышат. Акыркы эки, үч жылда өзөндөрдөгү суулардын деңгээли төмөн болгондуктан, аны тоо-кен компаниясынын ишмердүүлүгү менен байланыштырышат. Мөңгүлөрдүн абалы, тоо-кен казып алуучу компаниялардын ишмердүүлүгүнүн мөңгүлөрдүн абалына жана жалпысынан курчап турган чөйрөгө таасири жөнүндө маалыматты кайсы жерден жана кантип алууга болот? 6

Айыл аймагынын территориясында кайсы кендер жайгашканын жана ал территорияда иштерди жүргүзүүгө кимдер лицензия алышкандыгын кантип билүүгө болот? 7

Эгерде айыл аймагынын территориясында кендер табылса, бирок алар жеке менчиктеги территорияда болсо, анда мамлекет же ЖӨБО аларды кантип алып жана иштетүү үчүн тоо-кен иштетүүчү компанияга бере алат? 11

Тоо-кен казып алуучу компаниялардын айыл аймагынын территориясындагы ишмердүүлүгүнөн салыктардын жана салыктык эмес төлөмдөрдүн кайсы түрлөрү ЖӨБОнун бюджетине түшүүсү керек? 16

Тоо-кен казып алуучу компания тарабынан мамлекеттин бюджетине жана жергиликтүү бюджетке салыктар жана салыктык эмес төлөмдөр түрүндө кандай төлөмдөр түшүүгө тийиштиги жөнүндө маалыматты кантип алууга болот? 18

Эгерде айыл аймагынын территориясында кендер табылса, бирок алар жеке менчик территорияда турса, анда мамлекет же ЖӨБО кандайча аларды алып жана иштетүү үчүн тоо-кен казып алуу компаниясына бере алат? 29

Тоо-кен казып алуучу компаниянын Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуусунун шарттарын (Кыргызстанга кайсы бөлүгү калууга тийиштигин) ким кабыл алат жана кол коет жана бул процесске ким катыша алат? ЖӨБО органдары жана коомчулук бул процесске катыша алабы? 34

Адатта жергиликтүү калк жергиликтүү территория жөнүндө жакшы маалымдар жана алар мал айдап өтүүчү жерлер, жайыткерлер жайлоочу жерлер, дарыялардын жана көлдөрдүн деңгээлинин көтөрүлүшү ж.б. максималдуу эске алынуусу үчүн кампустарды жана башка курулуштарды куруу үчүн оруңдарды туура тандоону айтып бере алат. Тоо-кен компанияларынын корпустарынын жана курулуштарынын даярдалып жаткан долбоорлору жөнүндө кандайча жана кайсы жерден билүүгө болот? 40

Коомчулук жана ЖӨБО ишмердүүлүктүн курчап турган чөйрөгө, өзгөчө ичүүчү сууга таасирин экологиялык экспертиазадан өткөрүүгө катип катыша алат? 41

ЖӨБО потенциалдуу тоо-кен казып алуучу компанияга лицензиялык аянтты берүү жөнүндө чечимди кабыл алууга кантип катыша алат? 47

Жер казынасын пайдаланганга канча убакыт берилет? ........ 51

Жер казынасын иштетип жаткан уюм, мекеме (поиск, разведка) стадиясында айыл окмотко билдирбей иш алып барып жаткан кантип билүүгө болот, жана алар аныкталгандан кийин кандай чараларды көрүүгө болот? ........ 51

Жер казынасын иштеткен (лицензиат) адам жердин салыгын озу тогобу же жердин ээси тарабынан төгулөбу? Салык лицензиант катталган жерде төгүлөбү же иш алып барган жерде төгүлөбү? ........ 52

Жер казынасын ЖӨБ тарабынан беруу процедурасы тушундуруп бергилечи? ........ 53

Биздин айыл өкмөтүнүн территориясында Туз-Көл жайгашкан, ал туристтик объект болуп саналат жана ага өтө көп туристтер жана эс алуучулар келишет. Бул көл жайгашкан территорияны жеке ишкер ижарага алган. Мындай объектилер жер казынасы болуп эсептелеби? Ижарачы ЖӨБОго кандай төлөмдөрдү которууга тийиш? ........ 56

Тоо-кен компанияларынын ишмердүүлүгүнүн кандайдыр-бир маселеси боюнча өзүнүн каршылыгын мыйзамдуу тартипте айтуу үчүн кайсы жакка жана кандай түрдө кайрылуу зарыл? ........ 57

Тоо-кен компаниясынын ишмердүүлүгүндө курчап турган чөйрөдөгү зыяндуу заттардын нормаларынан ашып кеткендик үчүн административдик жана кылмыш жоопкерчилигинин кандай чаралары каралган? ........ 60

Компаниянын мыйзамдуу ишмердигине тоскоолдук кылгандык үчүн административдик жана кылмыш-жаза жоопкерчилигинин кандай чаралары каралган? ........ 61

Айыл аймагынын территориясында кум-таш кендери жайгашкан, бул участокторду рекультивациялоого ким жоопкерчилик тартууга тийиш? ........ 62

Айыл аймагынын территориясында кум-таш алынуучу жерлер жайгашкан, бирок аларга лицензия Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан алынган, ал мыйзам боюнча талап кылынуучу бардык төлөмдөрдү, анын ичинде лицензияны кармап тургандыгы үчүн төлөмдү да төлөйбү? ........ 63

Айыл өкмөтүнүн территориясында минералдык суулуу бир катар скважиналар бар, алардан бир нече ЖЧК минералдык сууну куюштурат, бирок алардан жергиликтүү бюджетке тыйын да түшпөйт. Алар кандай төлөмдөрдү жергиликтүү бюджетке төлөөгө тийиш жана аларды кантип мажбурлоого болот?63

Кайсы уюм административдик-территориялык бирдиктин (айыл аймагынын) чек араларын аныктайт жана жер казынасы айыл аймагынын территориясында тургандыгын далилдөө үчүн кандай документ болууга тийиш? ........ 64

Жер казынасын пайдалануучу салыктарды (роялти, лицензияны кармап туруу үчүн салык) убагында төлөйт. Бирок, бул төлөмдөр райондук борбордун эсептерине түшүүдө, бул салыктардын жер казынасы жайгашкан айыл өкмөтүнүн бюджетине түшүшүнө кандайча жетишүүгө болот? ........ 65

***Эгерде муниципалдык же жеке менчик жерлер же ЖӨБОго таандык же башкарууга берилген жерлер (жайыттар, КБФнын жерлери ж.б.) мамлекет тарабынан пайдалануу укуктарын тоо-кен казып алуучу компанияга берүү үчүн алынып коюлса, анда алардын компенсациясы же орду толтурулуусу кандайча жүргүзүлөт?***

Жер казынасын жер бетинин бүтүндүгүн бузуу менен геологиялык изилдөө (пайдалуу кендерди чалгындоо жана иштетүү) болгондо жер участогун жатыркатуу жүргүзүлбөйт, а жер казынасын пайдалануучуга жер бетинин бүтүндүгүн бузуу үчүн милдеттүү төлөп берүү жана кийин жер участогун рекультивациялоо жана "Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык (19.3-бер.) **инфраструктураны өнүктүрүүгө жана кармап турууга которуулар** менен жергиликтүү мамлекеттик администрациянын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жазуу түрүндөгү макулдугу берилет. Бул которууларды пайдалуу кендерди иштетүүнү (казып алууну) жүргүзүп жаткан жер казынасын пайдалануучулар төлөшөт. Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана кармап турууга которуулар отчеттук айдан кийинкисинин 20сына чейин которулат жана суммасы кыйыр салыктарды эсепке албастан пайдалуу кендерди сатып өткөрүүдөн **алынган каражаттын 2 пайызы** өлчөмүндө эсептелет.

Жер казынасын пайдалануучуга жер участогун убактылуу пайдалануудан баш тартыла албайт. Белгиленген мөөнөттөрдө жер участогун убактылуу пайдаланууга жазуу жүзүндөгү макулдук алынбаган учурда бул макулдук алынды деп эсептелет.

Жер казынасын пайдалануучу сураган жер участогу жер казынасын пайдаланууга укукка лицензияны мурда алган экинчи жер казынасын пайдалануучуга берилген учурда, жаңы жер казынасын пайдалануучу жер укуктарынын ээлери менен жер участогун техникалык долбоорго ылайык пайдалануу тартибин макулдашууга милдеттүү.

Жер казынасын жана жерлердин бүтүндүгүн бузбастан геологиялык изилдөөдө, жер казынасын пайдаланууга укукка лицензиялардын жана лицензиялык тиркемелердин көчүрмөлөрү тиркелген лицензиаттын арызы боюнча жер укуктарынын ээси арыз берилгенден 30 күн аралыгында лицензиялык аянтта иштерди жүргүзүүнү каттайт. Каттоодон баш тартууга жол берилбейт.

Жеке менчикте турган жана перспективалуу лицензиялык аянтка кирген же Пайдалуу кен байлыктар жерлеринин мамлекеттик резервине киргизилүүгө жаткан жер участогу соттун чечими боюнча жердин наркын төлөп берүү же теңдеш жер участогун берүү менен алынышы же жер казынасын пайдалануучу тарабынан сатып алынышы мүмкүн.

Жер казынасын пайдалануу укугун үчүнчү тарапка берүүдө (чегинүүдө) ага берилген датага карата жер участокторун убактылуу пайдалануу укугу да өтөт.

Пайдалуу кен байлыктар жерлеринин мамлекеттик резервине кирбеген жана жеке менчик болуп саналбаган, бирок жер казынасын пайдалануу үчүн (жолдорду, өнөр жай аянттарын, ЭБЛ ж.б. куруу үчүн) зарыл болгон жер участокторун бөлүп берүү жана убактылуу пайдалануу укугу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны колдонуу мөөнөтүнө берилет ("Жер казынасы жөнүндө" КРнын мыйзамынын 39-бер. 2-п.).

Жеке менчикте же убактылуу пайдаланууда турган жер участогун убактылуу пайдаланууга укук жер участогунун менчик ээси же лицензиат менен келишим боюнча жерге укукту пайдалануучу тарабынан берилет (“Жер казынасы жөнүндө” КРнын мыйзамынын 39-бер. 3-п.).

Мында жер укугун пайдалануучусу Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун ижарачысы болгон учурда жогоруда белгиленген норма кандайча колдонула тургандыгы маселеси ачык боюнча калат (“Жер казынасы жөнүндө” КРнын мыйзамынын 39-бер. 2-п.). Себеби КРнын Жер кодексинин 8-бер. 3-п. нормалары менен бул фонддон ижаралануучу жер субижарага бериле албайт. Ошондой эле геологиялык чалгындоодо жер казынасын пайдаланууга берилүүчү жер участокторунун максаттуу арналышы/максаттуу пайдалануу маселеси да кошумча түшүндүрүүнү талап кылат.

Рекультивация деген эмне? КРнын Жер кодексинин 47-бер. жер участогун жана жер казынасын пайдалануучунун объектисине рекультивация жүргүзүүнүн негизги принциптери белгиленген.

Жер участогун жана жер казынасын пайдалануучунун объектисин рекультивациялоо техникалык долбоорго ылайык жүргүзүлөт жана жер казынасын пайдалануучу тарабынан пайдалуу кенди иштетүүнүн, же пайдалуу кендерди иштетүүгө байланышпаган жер астындагы сууларды алуунун башталышында ага ай сайын которулуучу жана топтолуучу рекультивация фондунун каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

Рекультивация фондунун каражаттары жер казынасын пайдалануучунун КРнын банктарындагы эсептеринде жайгаштырылат жана башка максаттарга, анын ичинде кредиторлордун талаптарын канааттандыруу жана салык жана бажы төлөмдөрү боюнча карыздарды жабуу үчүн да чыгымдала албайт.

Ишкана банкрот болгон, жоюлган же жер казынасын пайдалануучу өлгөн учурда рекультивация фондунун каражаттары Мамгеологагенттиктин тапшыруусу боюнча жер участогунун ээсинин эсебине рекультивация иштерин жүргүзүү үчүн которулат. Рекультивация фондунун каражаттарын башка максаттарга пайдаланууга тыюу салынат.

Пайдалуу кендерди издөө же чалгындоо учурунда бузулган жерлерди рекуьтивациялоо техникалык долбоорго ылайык жүргүзүлөт.

Пайдалуу кендерди издөө же чалгындоо учурунда бузулган жерлерди рекуьтивациялоо рекультивациянын атайын долбооруна ылайык жүргүзүлөт.

***Буга чейин кен ишканасына алып баруучу трассадан алыс эмес жайгашкан үйлөрдүн жашоочулары тарабынан оор техника өткөндөн улам үйлөрдүн бузулгандыгы үчүн тоо-кен казып алуучу компания тарабынан компенсация төлөө маселеси көтөрүлгөн. Бирок эми 5-6 жылдан бери мындай маселе көтөрүлгөн жок. Мындай компенсацияларды төлөп берүүнүн, мезгилдүүлүгүнүн, мындай компенсация берүүнү ким талап кыла ала тургандыгынын жоболору барбы?***

Мыйзамда оор техниканын өтүшүнүн натыйжасында үйлөрдүн бузулгандыгы үчүн тоо-кен казып алуучу компания тарабынан компенсация төлөп берүү жөнүндө каралган эмес.

Бирок, чынында эле оор техниканын өтүшүнүн натыйжасында тоо-кен казып алуучу компания тарабынан зыян келтирилсе, мындай учурда КРнын өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекцияга кайрылуу керек. Мамэкотехинспекция аткаруу бийлигинин экологиялык жана техникалык коопсуздук маселелери боюнча мамлекеттик көзөмөлдү жана контролду жүзөгө ашыруучу ыйгарымдуу мамлекеттик органы болуп саналат. Мамэкотехниспекция текшерүүлөрдү оптималдаштыруу программасына жана райондордун жана шаарлардын географиялык жайгашуусуна ылайык, контролдонулуучу ишкердик объектилерин жана субъектилерин камтууну эске алуу менен 17 регионалдык башкармалыкка ээ.

Мамэкотехинспекция өз ишмердүүлүгүн КРнын Өкмөтүнүн жетекчилиги астында жүзөгө ашырат, башка мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенет.

Мамэкотехинспекциянын максаты болуп адамдардын жашоосунун жана саламаттыгынын, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн, курчап турган чөйрөнүн коопсуздугунун нормаларынын жана талаптарынын сакталуусун камсыз кылууга мамлекеттик көзөмөлдү жана контролду камсыз кылуу жана терс кесепеттерди алдын-алуу саналат.

Ошондой эле оор техниканын өтүүсүнүн натыйжасында үйлөрдүн бузулуусу үчүн материалдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө талаптар менен сот органдарына да кайрылууга болот. КРнын Жарандык кодексинин 993-бер. ылайык, “адамга же жарандын мүлкүнө келтирилген зыян, ошондой эле юридикалык жакка келтирилген зыян толук көлөмдө жана зыян келтирген жак тарабынан жабырлануучуга зыяндын ордун толтуруунун үстүнө компенсация төлөнүү менен орду толтурулууга жатат”.

***Биздин айылда тоо-кен казып алуучу компаниялардын ишмердүүлүгү мөңгүлөрдүн абалына таасир эте тургандыгын айтышат. Акыркы эки, үч жылда өзөндөрдөгү суулардын деңгээли төмөн болгондуктан, аны тоо-кен компаниясынын ишмердүүлүгү менен байланыштырышат. Мөңгүлөрдүн абалы, тоо-кен казып алуучу компаниялардын ишмердүүлүгүнүн мөңгүлөрдүн абалына жана жалпысынан курчап турган чөйрөгө таасири жөнүндө маалыматты кайсы жерден жана кантип алууга болот?***

Тоо-кен казып алуучу компаниялардын ишмердүүлүгүнүн мөңгүлөрдүн абалына таасири жөнүндө маалыматты биринчиден, КРнын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинен (КЧКжТЧМА) – курчап турган чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын пайдалануу, экологиялык коопсуздукту камсыздоо жана жаратылышты пайдалануу чөйрөсүндөгү саясатты жүзөгө ашыруу жана мамилелерди жөнгө салуу боюнча ыйгарымдуу органдан билүүгө болот.

Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин максаты КРнын уникалдуу экологиялык системасынын сакталуусун камсыз кылуу жана учурдагы жана болочок муундар үчүн курчап турган чөйрөнү коргоо болуп саналат.

КЧКжТЧМАнын милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- курчап турган чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын пайдалануу, ошондой эле жаратылыш компоненттерин жана ресурстарын, анын ичинде токой-аңчылык түзүлүштөрүн эсепке алуу, абалын баалоо чөйрөсүндө саясатты жана жөнгө салууну жүзөгө ашыруу;
- пландаштырылган башкаруу, чарбалык жана башка ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун мүмкүн болуучу терс таасирин мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүү менен курчап турган чөйрөгө болтурбоо;
- КРнын курчап турган чөйрөнү коргоо, экологиялык коопсуздук жана жаратылышты пайдалануу чөйрөсүндөгү эл аралык кызматташуусун орнотуу жана өнүктүрүү.

КЧКжТЧМА үчүн жер казынасын пайдалануудагы долбоорлор милдеттүү мамлекеттик экологиялык экспертизага жатат (мамлекеттик токой фондусунунжерлерине таандулугун аныктоо, өзгөчө корголуучу жаратылыш территориялары жана биоартүрдүүлүктү сактоо боюнча сунуш кылынган иш чаралардын жетиштүүлүгү жана, анын ичинде кызыл китептеги түрлөрдүн болушу жана алардын коргоо бөлүгүндө).

Экинчи орган – Техникалык жана экологиялык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция, ал адамдардын жашоосунун жана саламаттыгынын, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн, курчап турган чөйрөнүн коопсуздугунун нормаларынын жана талаптарынын сакталуусун камсыз кылууга мамлекеттик көзөмөлдү жана контролду камсыз кылууну жана терс кесепеттерди алдын-алууну жүзөгө ашырат.

### *Айыл аймагынын территориясында кайсы кендер жайгашканын жана ал территорияда иштерди жүргүзүүгө кимдер лицензия алышкандыгын кантип билүүгө болот?*

КРнын территориясында пайдалуу кен байлыктардын ар кандай түрлөрү аныкталган жана чалгындалган. Өлкө көп пайдалуу кен байлыктар боюнча олуттуу потенциалга ээ, мисалы ал үчүн негизги болуп алтын, сымап, сурьма, сейрек жерлер, калай, вольфрам, көмүр, рудалык эмес сырье, жер астындагы суулар саналат. Темир, титан, ванадий, алюминий, жез, молибден, бериллий казып алууну уюштуруунун перспективалары бар. Тантал-ниобаттарды, кобальтты, цирконийди, литийди, түстүү таштарды казып алууну уюштуруунун өнөр жайлык олуттуулугу жокко чыгарылбайт.

Ушуга байланыштуу биз Кыргызстанда жер казынасын пайдаланууну жөнгө салуучу мамлекеттик органдардын, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жер казынасын пайдалануу тармагындагы ыйгарымдарын кароону жана сиздердин маселе боюнча кайда, кайсы органга кайрылууга боло тургандыгын аныктоону чечтик.

### 1. Кыргыз Республикасынын Экономика жана монополияга каршы саясат министрлиги

Кыргыз Республикасынын Экономика жана монополияга каршы саясат министрлиги (мындан ары – КРЭМ) аткаруу бийлигинин фискалдык, монополияга каршы, тарифтик, лицензиялык, инвестициялык, тышкы экономикалык саясат тармагындагы, мамлекеттик мүлктү жана минералдык ресурстарды башкаруу (жер казынасын пайдалануу), техникалык жөнгө салуу жана метрология, соода, ишкердикти өнүктүрүү жана ишкердик ишмердүүлүктү

жөнгө салуунун нормативдик укуктук базасын оптималдаштыруу чөйрөсүндөгү саясатты жүзөгө ашыруучу борбордук мамлекеттик орган болуп саналат. (КРнын Өкмөтүнүн 2012-ж. 20-февралындагы №117 токтому менен бекитилген КРнын Экономика министрлиги жөнүндө жобонун 1-пунктуна ылайык).

КРЭМдин максаты болуп социалдык-экономикалык прогрессти жана КРны туруктуу өнүктүрүүнү, анын ичинде өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу жана жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө ишкердик ишмердүүлүктү жүргүзүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү аркылуу камсыз кылуу болуп саналат.

Ошентип, “Жер казынасы жөнүндө” КРнын мыйзамынын 6-бер. ылайык, КРЭМ жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик саясатты, анын ичинде жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө нормативдик укуктук актыларды, жер казынасын пайдаланууда инвестициялык саясатты иштеп чыгуу боюнча ыйгармыдуу орган болуп саналат. КРЭМдин алдында Жаратылыш ресурстары саясаты башкармалыгы бар, ал эки бөлүмдөн: Жер казынасын пайдалануу боюнча саясат бөлүмүнөн жана Минералдык ресурстардын анализи жана мониторинг бөлүмүнөн турат турат (кар. төмөнкү Схема 1).

***Схема 1.*** *Мамэкотехнинспекциянын жер казынасын пайдалануу маселелери боюнча башкармалыгынын структурасы*




КРЭМ жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндөгү өзүнүн ыйгарымдарынын алкактарында:

1) жер казынасын пайдалануу тармагындагы мамлекеттик саясатты иштеп чыгат, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бекитүүсүнө киргизет;

2) жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндөгү нормативдик укуктук актыларды иштеп чыгат;

3) жер казынасын пайдалануу тармагындагы салык мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизет;

4) жер казыналарын геологиялык изилдөө жана пайдалуу кендерди казып алуу үчүн инвестицияларды тартуу максатында ыйгарымдуу мамлекеттик органдар менен бирге жер казынасын пайдаланууда инвестициялык саясатты иштеп чыгат;

5) анын компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча талаштарды соттон тышкары чечүүнү жүзөгө ашырат;

6) конкурстук жана аукциондук комиссияларга катышат;

7) жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик органдан жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу максатында жер казынасын пайдаланууну жүзөгө ашыруу боюнча маалыматты алат;

8) "Жер казынасы жөнүндө" мыйзамга жана КРнын жер казынасы боюнча мыйзамдарына ылайык каралган башка ыйгарымдарды жүзөгө ашырат.

## 2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттик

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттик (мындан ары Мамгеологагенттик) КРнын Жаратылыш ресурстары министрлигинин укук мураскери жана аткаруу бийлигинин жер казынасын пайдалануу жана тоо-кен казып алуу тармагында мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруучу ыйгарымдуу мамлекеттик органы болуп саналат.

Мамгеологагенттик жана ага ведомстволук баш ийүүдөгү уюмдар пайдалуу кен байлыктардын запастарын кеңейтүүдөн жана ордун толтуруудан аларды казып алуу жана иштетүүгө чейинки жер казынасын натыйжалуу пайдалануунун бирдиктүү системасын камсыз кылышат. Мамгеологагенттик өз ишмердүүлүгүн аткаруу бийлигинин башка органдары, жергиликтүү мамлекеттик администрация, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер жана башка уюмдар менен өз ара аракетте жүзөгө ашырат.

Мамгеологагенттиктин ишмердүүлүгүнүн максаты болуп жер казынасын рационалдуу пайдалануунун камсыз кылуу саналат.

**Мамгеологагенттиктин милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:**

а) жер казынасын системдүү комплекстүү геологиялык изилдөө;

б) жер казынасын пайдалануу маселелерин мамлекеттик жөнгө салуу жана жер казынасынын мамлекеттик фондун башкаруу системасын өркүндөтүү;

в) геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүдө жана пайдалуу кендерди иштетүүдө жер казынасын жана курчап турган чөйрөнү коргоо;

г) тоо-кен казып алуу өнөр жайын өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;

д) топографиялык-геодезиялык жана картографиялык иштерди өнүктүрүүдө бирдиктүү техникалык саясатты жүргүзүү, картографиялык, топографиялык-геодезиялык иштерди жүргүзүүдө илим менен техниканын эң жаңы жетишкендиктерин жана алдынкы тажырыйбаны киргизүү.

**Мамгеологагенттиктин функциясына төмөнкүлөр кирет:**

- жер казынасын өнүктүрүүнүн жана рационалдуу пайдалануунун мамлекеттик саясатын жүзөгө ашыруу, анын ичинде жөнгө салуу, координациялоо, мониторингдөө жана контролдоо, жер казынасын пайдаланууга укукка лицензия берүү, токтото туруу жана жокко чыгаруу;
- жер казынасын коргоо;
- инвестицияларды тартуу;
- Пайдалуу кендердин запастарынын мамлекеттик балансын жана Пайдалуу кендердин жана кени бар жерлердин мамлекеттик кадастрын жүргүзүү, тоо-кен жана геологиялык долбоорлорду экспертизалоону жүргүзүү;
- жер казынасын геологиялык изилдөөдө жана өнөр жайлык өздөштүрүүдө жер казынасын пайдаланууга жана коргоого контролду жүзөгө ашыруу;
- жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндөгү башка функциялар.

***Схема 2.*** *Мамгеологагенттиктин жер казынасы маселелери боюнча башкармалыгынын структурасы*




"Жер казынасы жөнүндө" КРнын мыйзамынын 9-бер. ылайык ЖМА жана ЖӨБ жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө төмөнкүлөргө укуктуу:

1) ушул Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын Жер кодексинде белгиленген учурларда, лицензияда аныкталган мөөнөттөргө жер бөлүндүсүн жана жер бөлүгүн убактылуу пайдалануу укугун беришет;
2) лицензиялык аянтка лицензиаттарды тоскоолдуксуз киргизүүнү камсыз кылат;
3) пайдалуу кендерди өз алдынча казып алууну токтотот;
4) жер казынасын геологиялык изилдөөдө же кендерди иштетүүдө пайдаланылган тоо-кен жана башка мүлктү жоюуну жана консервациялоону, ошондой эле жер бөлүктөрүн жана лицензиялык объекттерди рекультивациялоону контролдойт;
5) административдик-аймактык бирдиктин чегинде жайгашкан лицензиялык объекттерге конкурстарды жана аукциондорду өткөрүү боюнча комиссиялардын ишине катышат;
6) жер казынасын пайдалануу долбоорлорунун коомдук экологиялык экспертизасын уюштурат;
7) жер казынасын пайдалануучулардын ишкердигине мыйзамсыз кийлигишүүсүн токтотуу максатында жергиликтүү калк арасында иш жүргүзөт;
8) жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө ушул Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.
9) Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жекече чайкоочуларды каттайт жана жөнгө салат.

Демек, сиздер жогоруда көрсөтүлгөн органдарга, тактап айтканда КРнын Өкмөтүнө караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттикке же КРнын Экономика жана монополияга каршы саясат министрлигине жазуу жүзүндө кайрылып жана айыл аймагыңыздардын территориясында кайсы компания иштерди жүргүзүүгө лицензия алгандыгын биле аласыздар.

***Эгерде айыл аймагынын территориясында кендер табылса, бирок алар жеке менчиктеги территорияда болсо, анда мамлекет же ЖӨБО аларды кантип алып жана иштетүү үчүн тоо-кен иштетүүчү компанияга бере алат?***

КРнын Жер кодексинин 28-бер. жана “Жер казынасы жөнүндө” КРнын мыйзамынын 39-бер. жер участокторуна укукту жер казынасын пайдаланууга берүү боюнча негизги принциптер каралган:

- жер казынасын пайдалануу үчүн жер участоктору жер казынасын пайдаланууга укуктун аракети мөөнөтүнө убактылуу пайдаланууга гана бериле алат (КРнын ЖКнын 28-бер. 2-п.). Бул жер казынасын пайдаланууга жер участоктору мөөнөттүү пайдаланууга гана, башкача айтканда, жер казынасын пайдаланууга укуктагы мөөнөттөргө, лицензияда/лицензиялык макулдашууда, же концессиялык келишимде же продукцияны бөлүшүү жөнүндө макулдашууда көрсөтүлгөн мөөнөттөргө гана бериле ала турганын билдирет.

- Жер казынасын пайдаланууга берилген жер участогун пайдаланууга укук төмөнкү учурларда берилет:

- айыл чарбалык пайдалануудан ажыратпай, жер казынасын геологиялык изилдөөдө жер бүтүндүгүн бузуу менен, бузулган участоктордогу жоготуулардын ордун толтуруп төлөө менен;

- айыл чарбалык пайдалануудан жерлерди алуу менен, жер салыгын төлөө жана жоготууларды кайтарып берүү аркылуу пайдалуу кен чыккан жерлерди иштетүүдө. (“Жер казынасы жөнүндө” КРнын мыйзамынын 39-бер.).

- Жер казынасын геологиялык изилдөөдө жер участогун жатыркатуу жана укукту аныктоочу документтерди тариздөө жүргүзүлбөйт, а жер казынасын пайдалануучуга жергиликтүү мамлекеттик администрациянын же жаргиликтүү өз алдынча башкаруу органынын геологиялык иштерди жүргүзүүгө жазуу түрүндөгү макулдугу берилет. Мында жер участогун берүүгө макулдук жер участогунун ижарасы боюнча бүтүм болуп саналбайт, аны бергендик үчүн жер казынасын пайдалануучудан акы алынбайт. Алар боюнча жер казынасын геологиялык изилдөөгө макулдук берилген жерлер жер уктарынын менчик ээси тарабынан айыл чарба жана башка муктаждыктар үчүн пайдаланыла алышы мүмкүн.
- Жер казынасын пайдалануу үчүн жер участокторун берүү боюнча ыйгарымдуу органдар болуп төмөнкүлөр саналат (КРнын ЖКсынын 28-бер. 1-п. жана “Жер казынасы жөнүндө” мыйзамдын 39-бер. 1-, 2-, 3-п.п.):

  1) Мамгеологагенттик – Пайдалуу кен байлык жерлеринин мамлекеттик резервинин жерлери боюнча;
  2) мамлекеттик бийлик же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары - Пайдалуу кен байлык жерлеринин мамлекеттик резервине кирбеген жана жеке менчик болуп саналбаган, жана жер казынасын пайдалануу үчүн зарыл болгон (жолдорду, өнөр жай аянтчаларын, ЭБЛ жана инфраструктуранын башка объектилерин куруу үчүн) жер участоктору боюнча;
  3) жер участогунун менчик ээлери – аларга жеке менчик укугунда таандык болгон жерлер боюнча;
  4) жер укуктарын пайдалануучулар – мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууда турган жерлер боюнча.

- Жер казынасын пайдаланууга жер участогунун чек аралары жана өлчөмдөрү жер казынасын пайдалануунун техникалык долбоору же жер астындагы сууларды алуунун технологиялык схемасы менен аныкталат.
- Жер участогунда пайдалуу кендердин запастары табылган учурда КРнын Өкмөтү Мамгеологагенттиктин сунушу боюнча, бул жерлерди Пайдалуу кен байлык жерлеринин мамлекеттик резервинин жерлери категориясына которуу жөнүндө чечим кабыл алат (КРнын ЖКсынын 28-бер. 4-п.).

КРнын Жер кодексинин 28-бер. бул пунктунун мазмунунан улам, Пайдалуу кен байлык жерлеринин мамлекеттик резервинин жерлеринен тышкары, КРнын жер фондусунун бардык категорияларынын жер участогунда пайдалуу кендердин запастары табылган учурда Геология жана минералдык ресурстар боюнча

мамагенттик КРнын өкмөтүнүн алдында бул жерлерди Пайдалуу кен байлык жерлеринин мамлекеттик резервинин жерлери категориясына которуу жөнүндө демилгелөөгө тийиш.

Бул норманын жоболору, ал жер пайдалануучуга кандай укукта (менчик укугунда же мөөнөттүү (убактылуу) пайдалануу укугунда) таандык экенине карабастан, ошондой эле ал жер казынасын пайдаланууга берилгенине же берилбегенине карабастан, бардык жерлерге жайылтылат.

- Андан пайдалуу кендер табылган жер участогу менчикте же үчүнчү жактын пайдалануусунда болсо, мамлекет тарабынан аларды иштетүү же алып коюу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда, менчик ээси же жерди пайдалануучу тарткан чыгымдардын ордун толтурууга же ага башка теңдеш жер участогун берүүгө милдеттүү.

  КРнын мыйзамынын бул нормаларын болочокто колдонуу боюнча кошумча түшүндүрүүлөр талап кылынат, себеби, геологиялык изилдөө жүргүзүлүүчү жер участогу жеке менчикте турган жана аракеттеги мыйзамга ылайык, трансформацияга жатпай турган сугат айдоо жер болуп саналган учурда эмне кылуу керектиги сыяктуу ачык суроолор бар.

Жер казынасын иштетүү үчүн зарыл болгон жер участогун алып коюу боюнча мамилелерди жөнгө салуу үчүн КРнын Жер кодексинин 11-главасында каралган нормаларды сактоо аз эмес мааниге ээ:

1) жер участогун алып коюу өзгөчө чара болуп саналат, жана эч ким өзүнүн менчигинен өзүм билемдик менен ажыратыла албайт, жана аны менчик ээсинин эркинен тышкары алып коюуга соттун чечими менен гана жол берилет (КРнын Жер кодексинин 65-бер.);
2) иштетүү үчүн жер участогун алып коюу “жер участогун мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн алып коюу” (КРнын ЖКсынын 66-бер. 4-п.) сыяктуу негизге туура келет; Демек, жер участогун мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн алып коюу жер участогуна укуктун наркын төлөп бергенден жана жоготуулардын ордун толтургандан кийин гана жүргүзүлөт.

   Мындан тышкары, КРнын Жер кодекси менен (68-бер.) жер участогун алып коюунун төмөнкү жоболору да белгиленген:

- Жер участогун мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн алып коюу (сатып алуу) “ыктыярдуу” же “мажбурлоо” негизинде жүргүзүлүшү мүмкүн.

  Биринчи учурда, алып коюу ыйгарымдуу орган менен жер участогунун менчик ээсинин же жер пайдалануучунун ортосундагы келишимдин негизинде жүргүзүлөт. Мында жер участогунун менчик ээсине же жер пайдалануучуга ага наркын сатып алуу баасын эсепке алуу менен башка жер участогу берилиши мүмкүн.

Экинчи учурда, жер участогунун менчик ээси алып коюу (сатып алуу) же анын шарттары менен макул болбогондо, ыйгарымдуу орган баш тартуу алынган убактан эки айлык мөөнөттө жер участогун орду толтурулуу менен алып коюу (сатып алуу) жөнүндө доо менен сотко кайрылууга укуктуу.

- Сот тараптан жер участогун алып коюу (сатып алуу) жөнүндө чечим кабыл алынганга чейин жер участогунун менчик ээси же жер пайдалануучу жер участогуна карата ага таандык укуктарды жүзөгө ашырууга жана жер участогун анын максаттуу арналышына ылайык пайдаланууну камсыз кылуучу зарыл жумшоолорду жүргүзүүгө укуктуу. Жер участогунун менчик ээси же жер пайдалануучу көрсөтүлгөн мезгилдеги жаңы курулуш, имараттар менен курулуштарды кеңейтүү же реконструкциялоо менен байланышкан жумшоолорду жана чыгымдарды ага жүктөө тобокелдигин тартат.
- Жер участогун сатып алуу баасын аныктоодо ага жер участогуна укуктун жана анда турган имараттар менен курулуштардын рыноктук наркы, ошондой эле менчик ээсине жана жер пайдалануучуга үчүнчү жактар алдындагы милдеттенмелерди мөөнөтүнөн мурда токтотуу менен байланышкан чыгымдарды кошо алганда, жер участогуна укуктун токтотулушуна байланыштуу чыгымдар да кошулат.

***Таблица 1.*** ЖМА жана ЖӨБ органдары тарабынан жер казынасын пайдалануучуларга жер участокторун лицензия менен аныкталган мөөнөттөргө убактылуу пайдаланууга укукту берүүнүн кадам артынан кадамдык аракеттери

| Кадамдын № | Кадамдын аталышы | Кадамдын мазмуну | Натыйжасы |
|---|---|---|---|
| **Кадам 1** | Жер казынасын пайдалануучунун жер участогун жер казынасын пайдаланууга берүү жана бөлүп берүү жөнүндө арыздын түшүүсү. Лицензиаттын айыл өкмөтүнүн башчысына кайрылуусу | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жер казынасын пайдалануучунун арызын жана документтеринин көчүрмөлөрүн КРнын мыйзамдарына ылайык кабыл алат жана каттайт. Арызды жана документтердин пакетинин көчүрмөсүн айыл өкмөтүнө тапшырат | Арыз, кайрылууларды каттоо журналында каттоо |
| **Кадам 2** | Жер участогун жер казынасын пайдалануу үчүн укукту алууга жер казынасын пайдалануучу берген арызды жана документтерди кароо | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жер казынасын пайдалануучунун арызын ал келип түшкөндөн 30 күндөн кеч эмес карайт.<br>Жер казынасын пайдаланууга укукка лицензиянын аракети мөөнөтүнө жер участогун бөлүп берүү | Жер казынасын пайдалануучуга жер участогун убактылуу пайдаланууга берүү жөнүндө токтом, Жер участогун жер казынасын пайдалануу үчүн убактылуу пайдалануу жөнүндө келишим же ЖМАнын, ЖӨБ органынын жазуу түрүндөгү макулдугу же |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Кадам 3** | Лицензиат тарабынан ЖУОдон жер участогуна укукту күбөлөндүрүүчү документти алуу (кар. Блок-схема 1.) | Лицензиат ЖУОдон жер казынасын пайдаланууга Жер участогун убактылуу пайдалануу укугуна күбөлүк алат | Жер участогун убактылуу пайдалануу укугуна күбөлүк же ижара келишими |
| **Кадам 4** | Камсыз кылуу:<br>1. лицензиаттардын лицензиялык аянтка тоскоолдуксуз жетишүүсүн<br>2. жер казынасын пайдалануу долбоорлорун коомдук экологиялык экспертизалоону | ЖМА жана ЖӨБ жер казынасын пайдалануучулардын ишмердүүлүгүнө мыйзамсыз кийлигишүүнү токтотуу максатында жергиликтүү калк арасында иш жүргүзөт.<br>Жер казынасын пайдалануу долбоорлорун коомдук экологиялык экспертиза жүргүзүү жөнүндө чечим | 1. Айылдык жыйындын, курултайдын жер казынасын пайдалануучу менен кызматташуу жөнүндө чечиминин тиешелүү протоколу.<br>2. Коомдук экологиялык экспертизанын жыйынтыктары боюнча корутунду |

Жер участогун убактылуу пайдаланууга укук берүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкуаруу органы жер казынасын пайдалануучудан документтердин төмөнкү пакетин алат:

- арыз;
- жер казынасын пайдаланууга укукка лицензиянын жана жер казынасын пайдаланууга укуктун ажырагыс бөлүгү катарында лицензиялык тиркеменин көчүрмөлөрү;
- пайдалуу кен байлыктарынын кендерин иштетүү үчүн тоо-кен жана жерди бөлүп берүүлөрдүн чектери жана бурчтук чекиттеринин координаттары менен топографиялык картанын (пландын) көчүрмөсү же пайдалуу кен байлыктардын кендерин издөө жана чалгындоо үчүн лицензиялык аянттардын чектери жана бурчтук чекиттеринин координаттары менен топографиялык картанын (пландын) көчүрмөсү.

Жер казынасын пайдалануучунун жер участогун берүү жөнүндө арызын, жер участогун жер казынасын пайдаланууга укукту алууга берилген документтерди алар берилгенден 30 күндүн кеч эмес мөөнөттө карoo.

Жер казынасын пайдалануучулар менен жер укуктарынын ээлеринин мамилелери жерди пайдалануу укугун алууга негиздер, башка жер казынасын пайдалануучунун тоо-кен же геологиялык бөлүнүп берилүүсүнө карата сервитуту жана ага убактылуу пайдалануу укугу башка жер казынасын пайдалануучуга берилген жер участогуна карата сервитут

маселелерине тиешелүү.

Сервитут маселелери боюнча укуктук мамилелер Кыргыз Республикасынын жарандык жана жер мыйзамдары менен жөнгө салынат.

***Тоо-кен казып алуучу компаниялардын айыл аймагынын территориясындагы ишмердүүлүгүнөн салыктардын жана салыктык эмес төлөмдөрдүн кайсы түрлөрү ЖӨБОнун бюджетине түшүүсү керек?***

Кыргыз Республикасында салыктардын системасы аныкталган, ал жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү салыктардан турат (КРнын СКсынын 31-бер.).

| Жалпы мамлекеттик салыктар | Жергиликтүү салыктар |
|---|---|
| Пайдага салык | Жер салыгы |
| Кошумча наркка салык | Мүлккө салык |
| Акциз салыгы | |
| Жер казынасын пайдалануу үчүн салыктар (бонус, роялти) | |
| Сатуулардан салык | |

Жалпы мамлекеттик салыктар болуп Салык кодекси менен белгиленген жана КРнын бардык территориясында төлөөгө милдеттүү салыктар саналат.

Жергиликтүү салыктар катарында Салык кодекси менен белгиленген жана жергиликтүү кеңештердин нормативдик укуктук актылары менен аракетке киргизилүүчү, тиешелүү административдик-территориялык бирдиктердин территорияларында төлөөгө милдеттүү салыктар таанылат.

**Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери** жергиликтүү салыктардан жана жыйымдардан, салыктык эмес төлөмдөрдөн; республикалык деңгээлде бөлүнүүчү салыктардан жана кирешелерден; трансферттерден, ыктыярдуу взностордон турат.

Жергиликтүү бюджеттерге республикалык деңгээлде бөлүштүрүлүүчү **жалпы мамлекеттик салыктардан** жана **кирешелерден** которуулар жүргүзүлөт. Аларга төмөнкүлөр кирет:

1) киреше салыгы;

2) сатуулардан салык;

3) ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык;

4) милдеттүү патенттин негизиндеги салык;

5) бирдиктүү салык негизинде салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы;

6) жер казынасын пайдаланууга салыктар;

7) мыйзамдык тартипте белгиленүүчү башка жалпы мамлекеттик салыктар жана кирешелер.

Саналган салыктар жана кирешелер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына которуулардын белгиленген норматививине ылайык бөлүштүрүлөт, ал “Республикалык бюджет жөнүндө” КРнын мыйзамы менен белгиленет.

Мисалы, “2013-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жана 2014 – 2015-жылдарга прогнозу жөнүндө” КРнын мыйзамында 11-беренеде төмөнкү нормативдер белгиленген:

*«1.2013-жылга которуулардын нормативдери төмөнкүлөрдөн белгиленсин:*

*жалпы мамлекеттик салыктык түшүүлөр: салык агенти тарабынан төлөнүүчү киреше салыгынан жана сатуулардан салыктардан шаарлардынжана айылдардын жергиликтүү бюджеттери үчүн 50 пайыз өлчөмүндө;*

*жер салыгынан, мүлккө салыктан, ыктыярдуу патенттин негизиндеги салыктан, милдеттүү патенттөөнүн негизиндеги салыктан, бирдиктүү салыктын негизиндеги түшүүлөрдөн 100 пайыз өлчөмүндө шаарлардын жана айылдардын бюджетинин карамагына;*

*жер казынасын пайдалануу үчүн салыкты (стратегиялык пайдалуу кен байлыктарды: алтынды, нефтини, газды кошпогондо, роялти) аларды иштетүү орду (турган жери) боюнча тиешелүү жергиликтүү бюджеттерге, республикалык маанидеги шаарлардын, областтык маанидеги шаарлардын, райондук маанидеги шаарлардын, айылдардын жергиликтүү бюджеттерине 50 пайыз өлчөмүндө.*

*2. Салык төлөөчүлөр тарабынан салыктык жана салыктык эмес милдеттенмелер боюнча төлөмдөрдү алардын өндүрүштөрүнүн (казып алуу/иштетүү) жана кызматтарды көрсөтүү орду боюнча эсептерди ачуу менен жүргүзүү».*

Жер казынасын пайдаланууда жергиликтүү бюджеттерге **салыктык эмес төлөмдөрдөн** төмөнкүлөр түшөт:

- лицензияны кармап тургандыгы үчүн төлөмдөрдүн суммасы (түз жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттерине түшөт),
- инфраструктураны өнүктүрүүгө жана кармап турууга которуулар.

Жергиликтүү бюджеттердин жергиликтүү салыктардан жана жыйымдардан жана салыктык эмес түшүүлөрдөн кирешелери башка деңгээлдеги бюджетке алып коюуга жатпайт. Насыялар жергиликтүү бюджеттердин кирешелерине киргизилбейт.

Жергиликтүү салыктар менен жыйымдарды чогултуу Салык кызматынын органдары жана алар тарабынан ыйгарым берилген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын салык инспекторлору тарабынан жүзөгө ашырылат.

***Тоо-кен казып алуучу компания тарабынан мамлекеттин бюджетине жана жергиликтүү бюджетке салыктар жана салыктык эмес төлөмдөр түрүндө кандай төлөмдөр түшүүгө тийиштиги жөнүндө маалыматты кантип алууга болот?***

**Салык** – бул КРнын салык мыйзамдарына ылайык салык төлөөчүдөн алынуучу милдеттүү, жеке орду толтурулгус акча төлөмү (КРнын СКсынын 19-бер.).

**Салык төлөөчүлөр** болуп Кыргызстанда киреше алышкан же салык салынуучу мүлккө ээлик кылышкан субъектилер саналышат (КРнын СКсынын 41-бер.). Мына ошентип, салыктарды бардыгы төлөөгө тийиш: уюмдар да (юридикалык жактар – ата мекендик жана чет элдик), жеке ишкерлер да (анын ичинде патент менен иштегендер да), жана жөн гана жеке адам да.

**Бардык салык төлөөчүлөр, анын ичинде жер казынасын пайдалануучулар да, КРнын салык мыйзамдарына ылайык (КРнын СКсынын 95-бер.), *салык каттоосунан* жана эсепке алуу каттоосунан өтүүгө тийиш. Салык төлөөчүнүн эсепке алуу каттоосу эгерде салык каттоосу орду боюнча эмес, а башка райондордо турган салык салуу объектилери болгон учурда, субъект тарабынан салык каттоосунан өткөндөн кийин жүзөгө ашырылат.**

КРда жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндөгү ишмердүүлүк салыктардын төмөнкү негизги түрлөрү боюнча төлөөнү жана отчет берүүнү карайт:

1. **Пайдага салык (ставка 10%)** – экономикалык ишмердүүлүк менен алектенгендердин жана анын натыйжасында киреше алгандардын бардыгы төлөшөт. Бул туруктуу мекеме аркылуу ишмердүүлүк жүргүзүшкөн ата мекендик да, чет элдик да уюмдар жана жеке ишкерлер жана чет элдик уюмдун кирешесин КРдагы булактардан төлөгөндөр.

Пайдага салык боюнча салык базасы болуп КРнын Салык кодексинин VIII бөлүгүндө каралган өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен КРнын бухгалтердик эсеп жөнүндө мыйзамдары менен белгиленген жоболор боюнча эсептелген пайда саналат.

**Көңүл буруңуздар!** Пайдага салыкты эсептөөдө тоо-кен казып алуучу ишкананын салык салынуучу базасы кендин алынган запастарынын ордун кайра толтуруу үчүн ишкананын атайын фондунда резервделүү менен бул сумма 15 пайызга азайтылат.

Алтыны бар руданы, алтыны бар концентратты, алтын куйманы жана аффинаждалган алтынды казып алуу жана сатып өткөрүү боюнча ишмердүүлүк жүргүзгөн салык төлөөчүнүн пайдага салыгынын ставкасы **0% өлчөмүндө белгиленет.** Мындай учурда салык төлөөчүлөрдүн бул категориясы КРнын СКсынын 221-1-бер. ылайык, кирешеге салыктарды төлөйт.

2. **КНС (жалпы ставкасы 12%, айрым экспорттук жана импорттук операциялар боюнча 0%)** – кошумча наркка салык - бул КРнын территориясындагы бардык салык салынуучу берүүлөрдүн, ошондой эле салык салынуучу импорттун наркынын бир бөлүгү, ал мамлекеттик бюджеттин кирешесине төлөнөт. КНСти алардын уюштуруу-укуктук

формасына, ишмердүүлүгүнүн түрүнө, баш ийүүчүлүгүнө жана менчик формасына карабастан экономикалык ишмердүүлүк жүргүзүшкөн юридикалык, жеке жактар жана жеке ишкерлер төлөшөт. Алар КНС төлөөчү салык төлөөчү катарында катталууга тийиш, же эгерде алар алардын наркы КНС боюнча 4.000.000 сомго барабар катталуучу босогодон ашып кеткен сумманы түзгөн товарларды, иштерди жана кызматтарды берүүнү жүзөгө ашырышса. КНС жөнүндө кененирээк КРнын СКсынын IX бөлүгүндө баяндалган.

**3. Сатуулардан салык (ишкердин ишмердүүлүгүнүн түрүнө жараша - 1%дан 3%га чейин)** – аны бир нерсе саткан же акы төлөнгөн кандайдыр-бир ишти аткарган (эмгек акыдан тышкары), же акы төлөгөн кандайдыр-бир кызмат көрсөткөн бардык ишкерлер төлөөгө тийиш. Ал сатуудан киреше алган же албаганына карабастан төлөнөт. Ал товарды, ишти же кызматты саткандык үчүн эле төлөнөт. Патент боюнча иштеген жеке жак патент (ыктыярдуу же милдеттүү) сатып алуу менен патентке салык түрүндө бул салыкты төлөйт. Бул жөнүндө кененирээк КРнын СКсынын XII бөлүгүнөн окуп алууга болот.

**4. Акциздик салык (акциздик товардын түрүнө, анын баасына же физикалык көлөмүнө жараша белгиленет)** – аны КРнын территориясында *акциздик товарды,* анын ичинде сырье берүүчүлүк негизде өндүрүп жаткан жана/же акциздик товарларды КРнын территориясына импорттогон жер казынасын пайдалануучу төлөйт. Жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө акциздик товарларга чийки нефть жана чийкиден тышкары, битуминоздуу тектерден алынган чийки нефть продуктылары; массасында 70% же андан көп нефтини же нефть продуктыларын камтыган продуктылар, иштетилген нефть продуктыларын камтыган продуктылар киргизилет. Бул жөнүндө кененирээк КРнын СКсынын XII бөлүгүнөн таанышууга болот.

**5. Жер салыгы** – КРнын Жер кодексине ылайык, жер участогу пайдаланылып жатканына же пайдаланылбаганына карабастан, ал жер участогуна жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт, жер участогун убактылуу пайдаланууга укук күбөлүгү, жер үлүшүнө жеке менчик укугу жөнүндө күбөлүк менен күбөлөндүрүлгөн жер укуктарынын менчик ээси тарабынан төлөнөт.

Жер казынасын пайдалануучу, эгерде анда төмөнкүлөр болгон учурда жер участогун жер казынасын пайдаланууга убактылуу пайдалануу укугуна күбөлүк ала тургандыгын эске салабыз[1]

1. Жер казынасын пайдалануу (жердин бетин бузбастан пайдалуу кен байлыктардын кендерин издөөгө, чалгындоого жана башка долбоорлоо-изилдөө иштерине) укугуна лицензиясы,
2. жергиликтүү мамлекеттик администрациядан же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынан жер участогун убактылуу пайдаланууга берүүгө макулдук (Кар. бул Нускаманын 3- бөлүгүн).

Жер казынасын пайдалануучу жер салыгын жалпы негиздерде төлөйт. Салыктын өлчөмү участоктун өлчөмүнөн жана ал кайсы жерде турганынан жана эмне үчүн

[1] Жер участокторун жер казынасын пайдаланууга берїї жєнїндє жобо. КРнын Єкмєтїнїн 12.04.2008-ж. №261 токтому.

пайдаланганынан көз каранды. Бул жөнүндө кененирээк КРнын СКсынын XIV бөлүгүнөн окуп алууга болот.

Жер участогун берүүгө макулдук жер участогунун ижарасы боюнча бүтүм болуп саналбай тургандыгын эске салабыз, аны бергендик үчүн жер казынасын пайдалануучудан акы алынбайт. Жер казынасын геологиялык изилдөө жүргүзүүгө макулдук берилген жерлер жер укуктарынын менчик ээси тарабынан айыл чарба жана башка муктаждыктар үчүн пайдаланыла алат. Мындай учурда жер салыгы жер укуктарынын менчик ээси (ижарачы) тарабынан төлөнөт.

*Жерлердин бүтүндүгүн бузган учурда* токой фондусунун айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруунун эсептөөсү жасалат, ал кийин КРнын Өкмөтүнүн 1998-ж. 14-февралындагы “Айыл чарба жерлерин айыл чарбасы эмес муктаждыктарга берилүүсү менен байланышкан айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруу наркынын нормативдерин бекитүү жөнүндө” №66 токтомуна ылайык, аларга жер участогуна укукту күбөлөөчү документтер берилгенге чейин жер участоктору берилип жаткан жеке жана юридикалык жактар тарабынан КРнын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча маминспекциянын атайын эсебине которулат.

**6. Мүлккө салык** – юридикалык жана жеке жактар менчигинде 1-, 2-, 3-топторго таандык кылынган, алардын аянты салык салынбоочу өлчөмдөн ашып кеткен турак-жайга (квартирага же үйгө) ээ болгондо төлөнөт. Же турак-жай эмес жайга же имаратка ээ болгондо, же бир нече үйгө же квартирага ээ болгондо. Бул салыктын өлчөмү имарат, квартира, өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес жай кандайча пайдаланылгандыгынан жана алар кайсы жерде жана алардын өлчөмү кандай экендигинен көз каранды. Алар убактылуу пайдаланылбай турса да бул салык төлөнөт.

4-топтогу мүлккө (өзү жүрүүчү машиналарды жана механизмдерди кошо алганда) салык транпорт каражаттарынын бардык ээлери тарабынан төлөнөт. Бул салык транспорттун түрүнөн, чыгарылган жылынан жана кыймылдаткычынын тибинен көз каранды.

Бардык топтогу мүлккө ээ жана аны өзүнүн экономикалык ишмердүүлүгүндө пайдаланып жаткан жер казынасын пайдалануучу мүлккө салыкты мыйзамдарга ылайык төлөйт. Бул жөнүндө кененирээк КРнын СКсынын XIII бөлүгүндө жазылган.

**Жогоруда көрсөтүлгөн салыктардан тышкары,** жер казынасын пайдалануучулар тарабынан жалпы негиздерде төмөнкү негизги төлөмдөр жүргүзүлөт:

- КРнын Социалдык фондуна *камсыздандыруу* төлөмдөрү төлөнөт, алар иштөөчүлөргө эсептелген эмгек акыдан 24.01.2004-ж. №8 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсындандыруу төлөмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” КРнын мыйзамына ылайык эсептелет.
- тышкы экономикалык ишмердүүлүк жүргүзүлгөн учурда КРнын бажы кодексине ылайык, *бажы жыйымдарын, алымдарын жана КНСти* төлөө жүргүзүлөт.
- 14.04. 1994-ж. №1480-XII “Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө” КРнын мыйзамына ылайык жыйымдар, төлөмдөр, кирешелер жана санкциялар түрүндө мамлекеттик бюджетке түшүүчү *салыктык эмес төлөмдөр* жүргүзүлөт.

## Глава 4.2. Жер казынасын пайдалануу үчүн салыктар

Жер казынасын пайдалануу үчүн салыктарга **бонустар жана роялти** (КРнын СКысынын XI бөлүгүнүн 43-45-главалары), ошондой эле **кирешеге салыктар** (КРнын СКсынын 221-1-бер.) кирет.

Төмөндө ар бир салыкка **аныктама** берүүчү жана **аларды ким төлөй тургандыгын** көрсөтүүчү келтирилген таблица 2 ни карайлы:

**Таблица 2.** Жер казынасын пайдалануу үчүн салыктар. Салыктардын жана аларды төлөөчүлөрдүн аныктамасы

| Жер казынасын пайдалануу үчүн салыктын аталышы | Салыктын КРнын СКсындагы аныктамасы | Ким салыкты төлөөгө тийиш (салык төлөөчү)? |
|---|---|---|
| **Бонус** | Пайдалуу кендерди издөө, чалгындоо жана иштетүү максатында жер казыналарын пайдалануу укугу үчүн **бир жолку төлөм**; Бонус фондулук биржаларда листингден өткөн компаниялардын менчик үлүштөрүнүн өзгөрүүлөрүн эсепке албаганда, катышуучулар алмашканда менчиктин ал үлүшүнүн өзгөрүүсүнө пропорционалдуу 10 жана андан көп пайыз суммада **кайталанып төлөнөт.**[2] | КРда **төмөнкү максаттарда** туруктуу мекемеси аркылуу **жер казынасын пайдаланууга укугу бар** ата мекендик жана чет элдик юридикалык жактар, жеке ишкерлер**:**<br>1) пайдалуу кен байлыктардын кендерин иштетүү;<br>2) бааланган запастары менен пайдалуу кен байлыктарынын кендерин чалгындоо;<br>3) алдын-ала бааланган запастары жана прогноздук ресурстары менен аянттарда пайдалуу кен байлыктардын кендерин издөө;<br>4) жер астындагы сууларды алуу (жер казынасынан алып чыгуу);<br>5) гидрогеологиялык скважиналарды бургулоо. |
| **Роялти** | Пайдалуу кен байлыктардын кендерин иштетүү жана/же жер астындагы сууларды алуу (жер казынасынан алып чыгуу) максатында жер казынасын пайдалануу | КРда катталышкан, туруктуу мекемеси бар жана төмөнкүлөрдү **жүргүзүүчү** юридикалык жактар, ата мекендик жана чет элдик, жеке ишкерлер:<br>1) пайдалуу кен байлыктардын кендерин иштетүүнү;<br>2) жер астындагы сууларды алууну (жер казынасынан алып чыгууну); |

[2] Фондулук биржада листингден єтїї компанияларга жана алардын акционерлерине салык тєлємдєрїн тємєндєтїїгє жетишiїгє мїмкїндїк берет. КРнын СКсынын 167-бер. 33-п. жана 189-бер. 9-п. ылайык, Фондулук биржада листингден єткєн акцияларды сатып єткєрїїнїн натыйжасында алынган жеке жактардын киреше салыгынан жана юридикалык жактардын пайдага салыктан бошотуу жєнїндє жоболор каралган.

| | | |
|---|---|---|
| | үчүн **утурумдук төлөмдөр** | 3) көмүрсуутектерди издөөдө жана чалгындоодо тажррыйбалык сыноолор процессинде нефтини жана газды кошо алууну;<br>4) тажырыйбалык-өнөр жайлык сыноо жана/же өзгөчө кырдаалдарды болтурбоо же жоюу максаттарында, жер казынасынан пайдалуу кендерди алып чыгуу **максатында** пайдалуу кен байлыктарды бир жолу казып алууну. |
| **Кирешелерге салык** | Тоо-кен казып алуучу жана/же тоо-кен кайра иштетүүчү ишканаларга салык салуунун өзгөчөлүктөрү | Алтыны бар руданы, алтыны бар концентратты, алтын куймасын жана аффинаждалган алтынды казып алуу жана сатып өткөрүү боюнча ишмердүүлүктү жүргүзүүчү салык төлөөчүлөр. |

Бонустарды эсептөө үчүн эмне *салык базасы* болуп саналат, б.а. кандай нарктын, укуктун жана/же башка аракеттин физикалык же башка мүнөздөмөсүнүн негизинде салык төлөөчүдө бонустарды эсептөө үчүн салык милдеттенмеси келип чыгат?

***Бонусту*** эсептөө үчүн *салык базасы* болуп КРнын Кендердин жана пайдалуу кен байлыктардын көрүнүштөрүнүн мамлекеттик кадастрында эске алынган **геологиялык запастардын жана прогноздук ресурстардын саны** жана **гидрогеологиялык скважиналарды бургулоонун тереңдиги** саналат.

*Бонустун ставкасы* КРнын Өкмөтү тарабынан кендердин жана/же пайдалуу кен байлыктардын көрүнүштөрүнүн изилденгендик даражасына, **баалуулугуна жана масштабына,** ошондой эле пайдалуу кен байлыктарды издөө үчүн **аянттын өлчөмүнө** жана гадрогеологиялык скважиналарды **бургулоонун тереңдигине** жараша белгиленет (кар. Тиркеме 1ден Кендердин жана пайдалуу кен байлыктардын көрүнүштөрүнүн бонустарынын ставкаларынын квалификациялык таблицасын жана Тиркеме 2ден Лицензиялык аянттын бонустарынын ставкаларынын квалификациялык таблицасын).

**Көңүл буруңуздар!** Эгерде пайдалуу кен байлыктардын кени конкурска коюлса (б.а. КРнын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү Жалпы мамлекеттик масштабдагы пайдалуу кен байлыктардын тизмесине кирсе), анда *бонустун ставкасы* КРнын Өкмөтү тарабынан ар бир кенге өзүнчө белгиленет (кар. Тиркеме 3 Конкурс боюнча бөлүштүрүлүүчү пайдалуу кен байлыктардын кендеринин тизмеси жана бонустардын өлчөмү).

**Роялтинин** *салык базасы* болуп төмөнкүлөр саналат:

1) пайдалуу кен байлыктарды же пайдалуу кен байлыктарды кайра иштетүүнүн натыйжасында алынган продукцияны сатуудан алынган, КНСти жана сатуудан салыкты эсепке алынуусуз **түшкөн каражат;**

2) **сатып өткөрүлгөн продукциянын натуралдык түрүндөгү көлөмү;**

3) **жер казынасынан алынуучу суунун суу өлчөгүч боюнча көлөмү** – роялти салыгын төлөөчүлөр үчүн (суу менен жабдуунун адистештирилген уюмдарын кошпогондо).

*Роялтинин ставкалары* төмөнкүдөй белгиленген (кар. таблица 3):

**Таблица 3.** Роялтинин ставкалары

| № | Пайдалуу кен байлык | Салык базасы | Өлчөө бирдиги | Ставкасы % же сом менен |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ичүүчү суу катарында куюлуштуруу үчүн минералдык жана тузсуз суулар | көлөм | куб.м | 200 сом |
| 2 | Бальнеодарылоо үчүн минералдык жана термалдык суулар | көлөм | куб.м | 0,05 сом |
| 3 | Жылытуу үчүн термалдык суулар | көлөм | куб.м | 0,12 сом |
| 4 | Ичүүчү тузсуз суулар | көлөм | куб.м | 0,15 сом |
| 5 | Техникалык тузсуз суулар | көлөм | куб.м | 0,10 сом |
| 6 | Айыл чарба өндүрүшү үчүн тузсуз суулар | көлөм | куб.м | 0,01 сом |
| 7 | 10 тоннадан ашуун запастары бар кендер үчүн алтынга, күмүшкө жана платинага запастардын өсүшүн эске алуу менен | Сатып өткөрүүдөн түшкөн каражат | % | 5 |
| 8 | 3тон 10 тоннага чейинки запастары бар кендер үчүн алтынга, күмүшкө жана платинага запастардын өсүшүн эске алуу менен | Сатып өткөрүүдөн түшкөн каражат | % | 3 |
| 9 | 3 тоннадан аз запастары бар кендер үчүн алтынга, күмүшкө жана платинага запастардын өсүшүн эске алуу менен | Сатып өткөрүүдөн түшкөн каражат | % | 1 |
| 10 | Суу менен жабдуучу адистештирилген уюмдар үчүн | Сатып өткөрүүдөн түшкөн каражат | % | 5 |
| 11 | Гипске | Сатып өткөрүүдөн түшкөн каражат | % | 6 |
| 12 | Каптоочу материалдарды өндүрүү үчүн жаратылыш таштарына | Сатып өткөрүүдөн түшкөн каражат | % | 12 |
| 13 | Таш көмүргө, күрөң көмүргө | Сатып өткөрүүдөн түшкөн каражат | % | 1 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 14 | № 1-13 көрсөтүлбөгөн пайдалуу кен байлыктар же аларды кайра иштетүү продуктылары | Сатып өткөрүүдөн түшкөн каражат | % | 3 |

Эгерде кирешелер КРдагы туруктуу мекемеси менен байланышпаган чет элдик уюм тарабынан КРдагы булактардан алынса, алар салык агенти тарабынан КРнын СКсынын 223-бер. менен аныкталган кемитүүлөр жүзөгө ашырылбастан ставкалар боюнча кирешелерди төлөп берүү булагынан салык салынууга жатат. Мисалы, жер казынасын пайдаланууга салыктарга карата **роялтинин ставкасы 10 пайыз.**

01.01.2013-ж. аракетке кирген 09.08.2012-ж. №158 “Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” КРнын мыйзамына ылайык жана 09.08.2012-ж. №160 “Жер казынасы жөнүндө” КРнын мыйзамынын жаңы редакциясынын негизинде айрым жер казынасын пайдалануучуларда мамлекеттик бюджетке *кирешелерге салыкты* төлөө боюнча милдеттенмелер келип чыкты.

**Кирешелерге салык** – жер казынасын пайдалануу тармагындагы жаңы салык.

Аны алтыны бар руданы, алтыны бар концентратты, алтын уютмасын жана аффинаждалган алтынды казып алуу жана сатып өткөрүү менен алектенген ишкерлер төлөөгө тийиш (кар. КРнын СКсынын 221-бер.).

*Кирешелерге салыктын салык базасы болуп* КНСти эсепке албаганда, алтын уютмасын жана аффинаждалган алтынды сатып өткөрүүдөн алынган каражат жана алтыны бар рудадагы жана алтыны бар концентраттагы алтындын КРнын Өкмөтү белгилеген тартипте дүйнөлүк баалардан улам эсептелген наркы саналат.

*Кирешелерге салыктын ставкасы* таблица боюнча төмөнкү өлчөмдөрдө белгиленет (кар. таблица 4):

| **Алтындын 1 троялык унцияга баасы АКШ доллары менен** | **1201 ден 1300 чейин** | **1301 ден 1400 чейин** | **1401 ден 1500 чейин** | **1501 ден 1600 чейин** | **1601 ден 1700 чейин** | **1701 ден 1800 чейин** | **1801 ден 1900 чейин** | **1901 ден 2000 чейин** | **2001 ден 2100 чейин** | **2101 ден 2200 чейин** | **2201 ден 2300 чейин** | **2301 ден 2400 чейин** | **2401 ден 2500 чейин** | **2500 дөн жогору** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кирешеге салыктын ставкасы, % менен** | **1** | **3** | **5** | **7** | **9** | **11** | **13** | **14** | **15** | **16** | **17** | **18** | **19** | **20** |

КРнын СКсынын 222-бер. ылайык, чет элдик уюм тарабынан КРдагы туруктуу мекеме менен байланышпаган КРдагы булактан алынган кирешелерге салык, салык агенти киреше алуучу тараптан төлөнүүчү киреше алуучунун КРдагы туруктуу мекемесине тиешелүү экендиги жөнүндө маалымдалган жана киреше алуучу салык агентине салык органынын аны салыктык каттоо жөнүндө каттоо картасынын жана маалымдамасынын көчүрмөсүн берген учурду эске албаганда, чет элдик уюмга киреше төлөөчү уюмдан жана жеке ишкерден кирешелерди ар бир жолу төлөгөндө КРнын СКсынын 223-бер. белгиленген ставкалар боюнча жана тартипте эсептелет жана кармалып калат. Мындай учурда салык агенттери тарабынан бюджетке кармалган салыктардын суммасын которуу КРнын СКсынын 168-бер. шарттары боюнча киреше келип чыккан айдын 20сынан кийинки күнгө чейин жүргүзүлөт.

Эми таблица 4тү карайлы, ал жер казынасын пайдаланууга салыктарды жана кирешелерге жаңы салыкты төлөөчүлөр үчүн зарыл маалыматты камтыйт. Мында жер казынасын пайдалануучулар бонустарды, роялтини жана кирешелерге салыкты төлөө үчүн салыктык мезгил, бул салыктарды эсептөө тартиби, бир жерде эсептөөлөрдү макулдашуу керекпи, отчеттуулукту кайда берүү жана кайсы убакка чейин төлөөнү жүргүзүү керектиги көрсөтүлгөн.

**Таблица 5.** Жер казынасын пайдалануу үчүн салыктарды эсептөө жана төлөө тартиби

| Салык салуунун элементтери | Бонус | Роялти | Кирешелерге салык |
|---|---|---|---|
| **Салыктык мезгил** | Лицензия алууда 1 жолу жана менчик үлүшүн өзгөртүүдө 1 жолу | Календардык ай | Календардык ай |
| **Салыкты эсептөө тартиби** | КРнын Өкмөтү тарабынан белгиленет | Өз алдынча, салык жеңилдиктеринен жана бошотуулардан улам, салык базасын салык ставкасына көбөйтүү жолу менен | Өз алдынча, салык жеңилдиктеринен жана бошотуулардан улам, салык базасын салык ставкасына көбөйтүү жолу менен |
| **Эсептелген салыкты макулдашуу** | Жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик орган менен (Мамгеологагенттик менен) | жок | жок |
| **Отчеттуулук кайда берилет** | Салык органына тиешелүү эсептөө | Салык органына тиешелүү эсептөө | Салык органына тиешелүү эсептөө |
| **Салыкты төлөө мөөнөтү** | Жер казынасын пайдаланууга укукка лицензия алган күндөн 30 күндөн кеч эмес | Отчеттон кийинки айдын 20сына чейин | Отчеттон кийинки айдын 20сына чейин |

| **Кайсы жерде төлөнөт** | Эсепке алуу катталган жери боюнча | Эсепке алуу катталган жери боюнча | Эсепке алуу катталган жери боюнча же салыктык катталган жери боюнча |
|---|---|---|---|

**Көңүл буруңуздар!** КРнын СКсынын 300-бер. ылайык, жер казынасын пайдалануу үчүн салыктарды төлөөдөн төмөнкү субъектилер бошотулушат:

1) өзүнө таандык же анын пайдалануусундагы жер участогунда ишкердик ишмердүүлүк менен байланышпаган кум, чопо, кум-таш аралашмасын жана жер астындагы сууларды алууну жүргүзгөн жер участогунун менчик ээси же жерди пайдалануучу;
2) өзгөчө экологиялык, жаратылышты коргоочу, илимий жана тарыхый-маданий мааниге ээ өзгөчө корголуучу жаратылыш территорияларын түзүү үчүн жер казынасынын участокторун алган субъект;
3) тоо-кен, байытуу, кокс-химиялык жана металлургиялык өндүрүштүн калдыктарын кайра иштетүүчү субъект;
4) республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлүүчү жер казынасын изилдөө боюнча геологиялык, геофизикалык жана башка иштерди, илимий-изилдөө иштерин, анын ичинде жер титирөөнү прогноздоо боюнча иштерди, инженердик-геологиялык чалгындоолорду жана геоэкологиялык изилдөөлөрдү, ошондой эле жер казынасынын бүтүндүгүн бузуусуз башка иштерди да аткарып жаткан субъект.

Андан тышкары, КРнын СКсынын "Салык салуу режимин турукташтыруу" 298-бер. ылайык, аракеттеги Салык кодексине жер казынасын пайдалануу үчүн салык ставкаларынын көбөйүүсүн жана/же алардын салык салынуучу базасынын өзгөртүлүүсүн караган өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор киргизилген учурда, мындай лицензиянын аракет мөөнөтү аралыгында, бирок ал берилгенден 20 жылдан көп эмес жер казынасын пайдалануу үчүн салык төлөөчүлөр пайдалуу кен байлыктардын кендерин иштетүүгө лицензия алынган күнгө карата аракеттеги көрсөтүлгөн салыктарды алуу тартибинин сакталышына укуктуу экенин эстеп коюу зарыл.

### Глава 4.3. Салыктык эмес төлөмдөр

Ушул нускаманын 1- жана 2-главаларында көрсөтүлгөн салыктардан тышкары, жер казынасын пайдалануучу *салыктык эмес төлөмдөрдү* да төлөөгө тийиш. Аларга ар кандай жыйымдар, төлөмдөр, которуулар, кирешелер жана санкциялар кирет. Алар мамлекеттик бюджетке түшөт жана 14.04.1994-ж. №1480-XII "Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө" КРнын мыйзамы менен жөнгө салынат.

Аталган мыйзамдын 1-бер. ылайык, «*Салыктык эмес төлөмдөрдү белгилөө жана алып салуу, өлчөмдөрү жана мөөнөттөрү, бюджетке которуу тартиби, ошондой эле аларды төлөөчүлөргө жеңилдиктерди берүү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жана мамлекеттик бийликтин башка органдары тарабынан жүзөгө ашырылат*».

Жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө, **жер казынасын пайдалануу укугуна лицензия алышкан субъектилер** төмөнкү негизги төлөмдөрдү жүргүзүшөт:

1. **Жер казынасын пайдаланууга укукка лицензияны кармап тургандыгы үчүн төлөм,** "Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө" КРнын мыйзамына (19.2-бер.) жана Жер казынасын пайдаланууга укукка лицензияны кармап тургандыгы үчүн төлөмдү төлөө жана эсептөө тартиби жөнүндө жобого (КРнын Өкмөтүнүн 14.12.2012-ж. №834 токтому менен бекитилген) ылайык.

Жер казынасын пайдаланууга укукка лицензияны кармап тургандыгы үчүн төлөмдүн суммасы жер казынасын пайдалануучу кандай укук алганына: КРда пайдалуу кен байлыктардын кендерин издөөгөбү жана/же чалгындоогобу жана/же иштетүүгөбү, ошондон көз каранды болот.

Төмөндөгү таблицада бул учурларда белгиленген акы кандай жана жер казынасын пайдалануучу төлөөгө тийиш болгон ставкалардын өлчөмү эмнеге барабар экенин карайбыз (кар. таблица 6):

**Таблица 6.** Жер казынасын пайдалануунун түрүнө жараша лицензияны кармап тургандыгы үчүн белгиленген акы

| Жер казынасын төмөнкү *максатта* пайдаланууга укукка лицензиянын болушу: | Белгиленген акы | Ставкалардын өлчөмдөрү | Төлөө мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| Пайдалуу кен байлыктардын кенин издөө | *Лицензиялык аянттын чарчы километри* үчүн жылына бир эсептөө көрсөткүчүнө эселеп | Кар. Ушул бөлүккө Тиркеме 5ти | Башында **1-жыл үчүн толук сумма** лицензия алынган күндөн 30 күн аралыгында, андан кийин **ар кварталда** отчеттук кварталдан кийинки айдын 20сына чейин |
| Пайдалуу кен байлыктардын кенин чалгындоо | *Лицензиялык аянттын гектары* үчүн жылына бир эсептөө көрсөткүчүнө эселеп | Кар. Ушул бөлүккө Тиркеме 6ны | |
| Пайдалуу кен байлыктардын кенин иштетүү | *Лицензиялык аянттын гектары* үчүн жылына бир эсептөө көрсөткүчүнө эселеп | Кар. Ушул бөлүккө Тиркеме 7ни | |

Пайдалуу кен байлыктарды издөө максатында жер казынасын пайдаланууга укукка лицензияны кармап тургандык үчүн акы лицензиялык аянттын жылына чарчы километри үчүн эсептөө көрсөткүчүнө эселеп белгиленет. Пайдалуу кен байлыктарды пайдалануу максатында жер казынасын пайдаланууга укукка лицензиялык аянттарды эсептөө үчүн ставкалардын өлчөмдөрү ушул бөлүккө Тиркеме 5те келтирилген.

Пайдалуу кен байлыктарды чалгындоо максатында жер казынасын пайдаланууга укукка лицензияны кармап тургандык үчүн акы лицензиялык аянттын жылына гектары үчүн бир эсептөө көрсөткүчүнө эселеп белгиленет. Пайдалуу кен байлыктарды чалгындоо максатында жер казынасын пайдаланууга укукка лицензиялык аянттарды эсептөө үчүн ставкалардын өлчөмдөрү ушул бөлүккө Тиркеме 6да келтирилген.

Пайдалуу кен байлыктарды иштетүү максатында жер казынасын пайдаланууга укукка лицензияны кармап тургандык үчүн акы лицензиялык аянттын жылына гектары үчүн бир

эсептөө көрсөткүчүнө эселеп белгиленет. Пайдалуу кен байлыктарды иштетүү максатында жер казынасын пайдаланууга укукка лицензиялык аянттарды эсептөө үчүн ставкалардын өлчөмдөрү ушул бөлүккө Тиркеме 7де келтирилген.

Төлөө мөөнөттөрү: лицензия алынгандан *30 календарлык көн аралыгында,* лицензия алган лицензиат **жер казынасын пайдалануу укугуна <u>лицензиянын аракетинин биринчи жылы үчүн</u> төлөмдү төлөөгө тийиш.** Андан кийин, төлөмдү төлөө **ар кварталдык негизде** жүргүзүлөт. Жыл үчүн төлөмдүн жалпы өлчөмү айлар боюнча пропорционалдуу бөлүнөт жана лицензиат төлөмдү отчеттук кварталдан кийинки айдын 20сынан кечиктирбестен жүргүзөт. Төлөгөндөн кийин лицензиат төлөөнү тастыктаган документтердин көчүрмөлөрүн тиркөө менен ар кварталда Мамгеологагенттикке маалымат берип турууга тийиш.

**Көңүл буруңуздар!**

1. Эгерде лицензиялар 09.08.2012-ж. №160 "Жер казынасы жөнүндө" КРнын мыйзамынын негизинде лицензияларды кармап тургандык үчүн акы киргизилгенге чейин берилсе, анда лицензияны кармап тургандык үчүн акы 2012-жылдын аягына чейинки калган мезгилге пропорционалдуу эсептелет. Андан ары акы төлөө жалпы тартипте жүргүзүлөт. Лицензиат ага төлөө эсеби аталаптагыдай тапшырылган учурдан *15 календарлык күн аралыгында төлөөгө милдеттүү*. Талаптагыдай тапшыруу катары эсеп лицензиаттын жеке өзүнө же анын өкүлүнө кол коюлуу менен тапшырылуусу, эсепти почта аркылуу заказ кат менен акыркы белгилүү дарек боюнча жөнөтүлүшү түшүнүлөт. Өзүнүн дарегин өзгөрткөн жана бул жөнүндө лицензиарга маалымдап койбогон лицензиат төлөмдү өз убганыда төлөбөгөндүктүн кесепеттери үчүн тобокелчиликти өз алдынча тартат.
2. Мамгеологагенттикке төлөм жөнүндө маалыматты бербөө төлөмдү төлөбөгөндүк катары бааланат.

Лицензияны кармап тургандык үчүн төлөмдөрдөн суммалар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттерине түшөт. Төлөмдү төлөө ЖӨБОлордун бюджеттерине түз жүргүзүлөт. Мында, эгерде лицензиялык аянт бир нече административдик-территориялык бирдиктердин территориясында болсо, төлөмдү төлөө тигил же бул административдик-территориялык бирдиктин территориясында турган аянтка пропорционалдуу ар бир өз алдынча башкаруу органынын эсебине жүргүзүлөт.

Төлөмдү эсептөө Мамгеологагенттик тарабынан жүргүзүлөт жана лицензиялык аянт турган орду боюнча салык органына берүү үчүн жер казынасын пайдалануучуга лицензия берүү менен бир убакта берилет. Эгерде лицензиялык аянт бир нече административдик-территориялык бирдиктердин территорияларын камтыса, анда ар бир административдик-территориялык бирдик боюнча тиешелүү бир нече эсептер түзүлөт.

**Көңүл буруңуздар!** Төлөмдү 30 календарлык күндөн ашык төлөбөө "Жер казынасы жөнүндө" КРнын мыйзамына ылайык, **жер казынасын пайдалануучунун лицензиясын жокко чыгаруу үчүн негиз** болуп саналат.

**Лицензияны кармап тургандык үчүн төлөмдү төлөө төмөнкү учурларда токтотулат:**

- жер казынасын пайдаланууга укук токтогондо (лицензия жокко чыгарылганда), лицензия жокко чыгарылган айдан кийинки айдан баштап;

- пайдалуу кенди казып алуу башталган учурдан, макулдашылган Тоо-кен иштеринин планы менен бекитилген пайдалуу кенди казуунун жылдык көлөмүн 100 пайыз аткарган шартта;

- лицензиат тарабынан лицензиялоонун шарттары менен каралган милдеттенмелерди аткарууга тоскоолдук кылган форс-мажордук шарттардын мезгилине, төлөм эсептелбейт жана төлөнбөйт. Ушул пунктта көрсөтүлгөн форс-мажордун шарттары жана анын аракети мезгили КРнын Соода-өнөр жай палатасы же сот тарабынан белгиленет.

Пайдалуу кен байлыкты казып алуунун жылдык көлөмүн жарым-жартылай аткарган учурда лицензиат тиешелүү жыл үчүн казып алуу иштеринин аткарылбаган көлөмүнө пропорционалдуу суммада төлөм төлөөгө милдеттүү.

Лицензиянын аракетин токтото туруу төлөмдөрдү эсептөөлөрдү жана төлөөнү токтото туруу үчүн негиз болуп саналбайт.

Лицензиянын аракетин токтото туруу соттун чечими менен мыйзамсыз деп табылган учурда лицензия токтотулуп турган мезгил үчүн төлөнгөн төлөмдүн суммасы лицензиатка кайтарылууга жатат же болочок төлөмдөрдүн эсебине алынууга тийиш.

**Инфраструктураны өнүктүрүүгө жана кармап турууга которуулар,** “Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө” КРнын мыйзамына ылайык (19.3-бер.) жүргүзүлөт.

Бул которууларды пайдалуу кен байлыктарды иштетүүнү (казып алууну) жүргүзүп жаткан жер казынасын пайдалануучулар төлөшөт.

Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана кармап турууга сумма отчеттук айдан кийинки айдын 20сына чейин төлөнөт жана пайдалуу кендерди сатып өткөрүүдөн алынган кыйыр салыктарды эске албагандагы **каражаттан 2 пайыз** өлчөмүндө эсептелет.

Бюджетке төлөмдүн төлөнүшүнүн тууралыгына жа өз убагында болушуна контролду КРнын мыйзамдарына ылайык салык органдары жүргүзөт.

***Эгерде айыл аймагынын территориясында кендер табылса, бирок алар жеке менчик территорияда турса, анда мамлекет же ЖӨБО кандайча аларды алып жана иштетүү үчүн тоо-кен казып алуу компаниясына бере алат?***

КРнын Жер кодексинин 28-беренесинде жана “Жер казынасы жөнүндө” КРнын мыйзамынын 39-беренесинде жер участокторуна укуктарды жер казынасын пайдаланууга берүү боюнча негиз болуучу принциптер каралган:

- жер казынасын пайдалануу үчүн жер участоктору жер казынасын пайдаланууга укуктун аракети мөөнөтүнө убактылуу пайдаланууга гана бериле алат (КРнын ЖКсынын 28-бер. 2-п.). Бул жер казынасын пайдаланууга жер участоктору жер казынасын пайдаланууга укуктун аракети мөөнөтүнө мөөнөттүү (убактылуу) пайдалануу укугуна бериле ала тургандыгын билдирет, башкача айтканда жер

участокторду жер казынасын пайдаланууга укукка лицензияда/лицензиялык тиркемеде, же концессиялык келишимде же продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашууда көрсөтүлгөн мөөнөткө берилет.

- Жер казынасын пайдаланууга жер участогун убактылуу пайдаланууга укук төмөнкү учурларда берилет:

  - бузуулар участогунда жоготуулардын ордун толтурууну төлөп берүү менен айыл чарба жүгүртүүсүнөн албастан туруп жердин бүтүндүгүн бузуу менен жер казынасын геологиялык изилдөөдө;

  - бузуулар участогунда жоготуулардын ордун толтурууну төлөп берүү менен айыл чарба жүгүртүүсүнөн алуу менен пайдалуу кен байлыктарын иштетүүгө ("Жер казынасы жөнүндө" КРнын мыйзамынын 30-бер.).

- Жер казынасын геологиялык изилдөөдө жер участогун жатыркатуу жана укукту аныктоочу документтерди тариздөө жүргүзүлбөйт, а жер казынасын пайдалануучуга жергиликтүү мамлекеттик администрациянын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын геологиялык иштерди жүргүзүүгө жазуу түрүндөгү макулдугу берилет. Мында жер участогун берүүгө макулдук жер участогун ижаралоо боюнча бүтүм болуп саналбайт, аны берүү үчүн акы жер казынасын пайдалануучудан алынбайт. Жер казынасын геологиялык изилдөө жүргүзүүгө макулдук берилген жерлер жер укуктарынын ээси тарабынан айыл чарба жана башка муктаждыктар үчүн пайдалана алышы мүмкүн.

- Жер казынасын пайдалануу үчүн жер участокторун берүү боюнча ыйгарымдуу органдар болуп (КРнын ЖКсынын 28-бер.1-п. жана "Жер казынасы жөнүндө" КРнын мыйзамынын 39-бер. 1-,2-,3-пп.) төмөнкүлөр саналат:

  5) Мамгеологагенттик – Пайдалуу кен байлыктардын кендеринин жерлеринин мамлекеттик резервинин жерлери боюнча;

  6) мамлекеттик бийлик же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары - Пайдалуу кен байлыктардын кендеринин жерлеринин мамлекеттик резервине кирбеген жана жеке менчик болуп саналбаган, жана жер казынасын пайдалануу үчүн зарыл болгон (жолдорду, өнөр жай аянттарын, ЭБЛ жана башка инфраструктура объектилерин куруу үчүн) жер участоктору боюнча;

  7) жер участогунун менчик ээси – ага жеке менчик укугунда таандык болгон жерлер боюнча;

  8) жер укуктарын пайдалануучулар – мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууда турган жерлер боюнча.

- Жер казынасын пайдаланууга жер участогунун чек аралары жана өлчөмдөрү жер казынасын пайдалануунун техникалык долбоору же жер астындагы сууларды алуунун технологиялык схемасы менен аныкталат.

- Жер участогунда пайдалуу кен байлыктардын запастары табылган учурда, Мамгеологагенттиктин сунушу боюнча КРнын Өкмөтү бул жерлерди Пайдалуу кен

байлыктардын кендеринин жерлеринин мамлекеттик резервинин жерлерине которуу жөнүндө чечим кабыл алат (КРнын ЖКсынын 28-бер. 4-п.).

КРнын Жер кодексинин 28-бер. бул пунктунун мазмунунан улам, Пайдалуу кен байлыктардын кендеринин жерлеринин мамлекеттик резервинин жерлерин кошпогондо, КРнын жер фондусунун бардык категориясынын жер участогунда пайдалуу кен байлыктардын кендери табылган учурда, Мамгеологагенттик КРнын Өкмөтүнө бул жерлерди Пайдалуу кен байлыктардын кендеринин жерлеринин мамлекеттик резервинин жерлери категориясына которууну демилгелөөгө тийиш деп түшүнүү керек.

Бул норманын жоболору ал жер пайдалануучуга кандай укукта (менчик укугунда же мөөнөттүү (убактылуу) пайдалануу укугунда) таандык экенине карабастан, ошондой эле ал жер казынасын пайдаланууга берилгенине же берилбегенине карабастан, бардык жерлерге жайылтылат.

- Эгерде анда пайдалуу кен байлыктардын кени табылган жер участогу менчикте же үчүнчү тараптардын пайдалануусунда турса, анда аларды иштетүү жана жер участогун алып коюу жөнүндө чечим кабыл алган учурда мамлекет менчик ээси же жер пайдалануучу тарткан чыгымдардын ордун толтурууга же ага тең баалуу башка жер участогун берүүгө милдеттүү.

Келечекте КРнын мыйзамынын бул нормаларын колдонууда кошумча түшүндүрүүлөр талап кылынат, себеби анда геологиялык изилдөө жүргүзүлө турган жер участогу жеке менчикте жана сугат айдоо жер болгондо - а ал аракеттеги мыйзамдарга ылайык трансформацияланууга жатпайт - эмне кылуу керектиги сыяктуу ачык суроолор бар.

Жер казынасын иштетүү үчүн зарыл болгон жер участогун алып коюу боюнча мамилелерди жөнгө салуу үчүн КРнын ЖКсынын 11-главасында каралган нормаларды сактоо аз эмес мааниге ээ:

3) жер участогун алып коюу өзгөчө чара болуп саналат, жана эч ким өзүм билемдик менен өз менчигинен ажыратыла албайт, жана анын менчик ээсинин эркинен тышкары алып коюлушуна соттун чечими менен гана жол берилет (КРнын ЖКсынын 65-бер.);
4) жер участогун иштетүү үчүн алып коюу “жер участогун мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн алып коюу” (КРнын ЖКсынын 66-бер.4-п.) негизине жатат; Демек, жер участогун мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн алып коюу жер участогуна укуктун наркын төлөп бергенден жана чыгымдардын ордун толтургандан кийин жүргүзүлөт.

Андан тышкары, КРнын Жер кодекси (68-бер.) менен жер участогун алып коюунун төмөнкү жоболору да белгиленген:

- Жер участогун мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн алып коюу (сатып алуу) “ыктыярдуу” же “мажбурлоо” негизинде да жүргүзүлүшү мүмкүн.

Биринчи учурда алып коюу ыйгарымдуу орган менен жер участогунун менчик ээсинин же жер пайдалануучунун ортосундагы келишимдин негизинде жүргүзүлөт.

Мында жер участогунун менчик ээсине же жер пайдалануучуга ага укуктун наркын сатып алуу баасынан кемитүү менен башка жер участогу берилиши мүмкүн.

Экинчи учурда, жер участогунун ээсинин же жер пайдалануучунун алып коюу (сатып алуу) менен же анын шарттары менен макул болбогондо, ыйгарымдуу орган баш тартууну алган учурдан эки айлык мөөнөттө сотко жер участогун ордун толтуруу менен алып коюу (сатып алуу) жөнүндө доо менен кайрылууга укуктуу.

- Жер участогун алып коюу (сатып алуу) жөнүндө сот тарабынан чечим кабыл алынганга чейин жер участогунун менчик ээси же жер пайдалануучуну жер участогуна ага таандык укуктарды жүзөгө ашырууга жана жер участогун анын максаттуу арналышына ылайык пайдалануунун камсыз кылуучу зарыл жумшоолорду жүргүзүүгө укуктуу. Жер участогунун менчик ээси же жер пайдалануучу көрсөтүлгөн мезгилде жаңы курулуш, имараттарды жана курулуштарды кеңейтүү же реконструкция менен байланышкан жумшоолорду жана чыгымдарды ага жүктөп коюу тобокелчилигин тартат.
- Жер участогунун сатып алуу баасын аныктоодо ага жер участогуна укуктун жана анда турган имараттардын жана курулуштардын рыноктук баасы, ошондой эле үчүнчү жактар алдындагы милдеттенмелерди мөөнөтүнөн мурда токтотуу менен байланышкан чыгымдарды кошо алганда, жер участогуна укуктун токтотулушуна байланыштуу менчик ээсине жана жер пайдалануучуга келтирилген чыгымдар да кошулат

**Таблица 7.** ЖМА жана ЖӨБ органдары тарабынан жер казынасын пайдалануучуларга жер участокторун лицензия менен аныкталган мөөнөттөргө убактылуу пайдаланууга укук берүүнүн кадам артынан кадамдык аракеттери

| Кадамдын№ | Кадамдын аталышы | Кадамдын мазмуну | Натыйжасы |
|---|---|---|---|
| **Кадам 1** | Жер казынасын пайдалануучунун жер участогун жер казынасын пайдаланууга берүү жөнүндө арызынын түшүшү. Лицензиаттын айыл өкмөтүнүн башчысына кайрылуусу | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы КРнын мыйзамдары менен белгилеген тартипте жер казынасын пайдалануучунун арызын жана документтеринин көчүрмөсүн алат жана каттайт. | Арызды кайрылууларды каттоо журналында каттоо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Кадам 2** | Жер казынасын пайдалануучунун жер участогун жер казынасын пайдаланууга укукту алууга арызын жана берилген документтерин кароо | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жер казынасын пайдалануучунун арызын ал келип түшкөндөн 30 күндөн кеч эмес мөөнөттө карайт.<br>Жер участогун жер казынасын пайдаланууга укукка лицензиянын аракет мөөнөтүнө бөлүп берүү | Жер казынасын пайдалануучуга жер участогун убактылуу пайдаланууга берүү жөнүндө токтом,<br>Жер участогун жер казынасын пайдаланууга убактылуу пайдаланууга берүү жөнүндө келишим же ЖМАнын же ЖӨБ органынын жазуу түрүндөгү макулдугу |
| **Кадам 3** | Лицензиаттын ЖУОдон жер участогуна укукту аныктоочу документти алышы (кар. Блок-схема 1.) | Лицензиат ЖУОдон жер казынасын пайдаланууга жер участогуна укукка күбөлүктү алат | Жер участогун убактылуу пайдалануу укугуна күбөлүк же ижара келишими |
| **Кадам4** | Камсыз кылуу:<br>3. лизензиаттардын лицензиялык аянтка тоскоолдуксуз жеткиликтүүлүгүн<br>4. жер казынасын пайдалануу долбоорлорунун коомдук экологиялык экспертизасын | ЖМА жана ЖӨБ органы жер казынасын пайдалануучулардын ишмердүүлүгүнө мыйзамсыз кийлигишүүнү болтурбоо максатында жергиликтүү калк арасында иш жүргүзөт Жер казынасын пайдалануу долбоорлорунун коомдук экологиялык экспертизасын жүргүзүү жөнүндө чечим | 3. Айылдык жыйындын, курултайдын жер казынасын пайдалануучу менен кызматташуу жөнүндө чечиминин тиешелүү протоколу<br>4. Коомдук экологиялык экспертизанын жыйынтыктары боюнча корутунду |

Жер участогун убактылуу пайдаланууга укукту берүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жер казынасын пайдалануучудан төмөнкү документтердин пакетин алат:

- арыз;
- жер казынасын пайдаланууга укукка лицензиянын жана жер казынасын пайданууга укуктун ажырагыс бөлүгү катарында лицензиялык тиркеменин көчүрмөлөрү;
- пайдалуу кен байлыктарынын кендерин иштетүү үчүн тоо-кен жана жерди бөлүп берүүлөрдүн чектери жана бурчтук чекиттеринин оординаттары менен топографиялык картанын (пландын) көчүрмөсү же пайдалуу кен байлыктардын кендерин издөө жана чалгындоо үчүн лицензиялык аянттардын чектери жана бурчтук чекиттеринин координаттары менен топографиялык картанын (пландын) көчүрмөсү.

Жер казынасын пайдалануучунун жер участогун берүү жөнүндө арызын, жер участогун жер казынасын пайдаланууга укукту алууга берилген документтерди алар берилгенден 30 кїндєн кеч эмес мєєнєттє кароо.

Жер казынасын пайдалануучулар менен жер укуктарынын ээлеринин мамилелери жерди пайдалануу укугун алууга негиздер, башка жер казынасын пайдалануучунун тоо-кен же геологиялык бөлүнүп берилүүсүнө карата сервитуту жана ага убактылуу пайдалануу укугу башка жер казынасын пайдалануучуга берилген жер участогуна карата сервитут маселелерине тиешелүү.

Сервитут маселелери боюнча укуктук мамилелер Кыргыз Республикасынын жарандык жана жер мыйзамдары менен жөнгө салынат.

***Тоо-кен казып алуучу компаниянын Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуусунун шарттарын (Кыргызстанга кайсы бөлүгү калууга тийиштигин) ким кабыл алат жана кол коет жана бул процесске ким катыша алат? ЖӨБО органдары жана коомчулук бул процесске катыша алабы?***

Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө түшүнүк “Жер казынасы жөнүндө” КРнын мыйзамынын 4-бер. жана “Жер казынасын пайдаланууда продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуулар жөнүндө” КРнын мыйзамынын 2-бер. берилген, ага ылайык, продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуу – КРнын Өкмөтү ага ылайык жер казынасын пайдалануучуга белгилүү мөөнөткө пайдалуу кен байлыктар кенин иштетүүгө өзгөчө укуктарды берген, а жер казынасын пайдалануучу көрсөтүлгөн иштерди өзүнүн эсебинен жана өзү үчүн тобокелчиликтер менен жүзөгө ашырууга милдеттенген келишим.

Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндөгү макулдашуу (мындан ары - макулдашуу) келишим болуп эсептелет, ага ылайык Кыргыз Республикасы ишкердиктин субъектине (мындан ары - инвестор) акысын төлөтүү менен жана белгилүү бир мөөнөткө макулдашууда көрсөтүлгөн жер казынасынын участогунда пайдалуу кендерди издөөгө, чалгындоого, иштетүүгө жана буга байланыштуу иштерди жүргүзүүгө карата өзгөчө укуктарды берет, ал эми инвестор аталган иштерди өзүнүн каражаттарынын эсебинен жана өзүнүн тобокелчилиги менен аткарууга милдеттенет.

**Жер казынасын пайдаланууда продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашунун предмети, формасы жана тараптары**

Жер казынасын пайдаланууда продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуунун предмети жер, анын казынасы, жер казынасын пайдаланууда өндүрүлүүчү продукция жана макулдашууда көрсөтүлгөн жер казынасы участогундагы пайдалуу кен байлыктарды издөө, чалгындоо, иштетүү боюнча ишмердүүлүктү жүргүзүү боло алат.

Макулдашуунун тараптары төмөнкүлөр боло алышат (“Жер казынасын пайдаланууда продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуулар жөнүндө” КРнын мыйзамынын 3-бер.):

- Кыргыз Республикасы (мындан ары - мамлекет), анын атынан макулдашууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү же ал тарабынан ыйгарым укук берилген мамлекеттик башкаруу органдары чыгат;
- инвесторлор - өз каражаттарын, заемдук же тартылган каражаттарды минералдык чийки заттарды чалгындоо жана казып алуу үчүн жумшап жаткан жана макулдашуунун шарттарында жер казынасын пайдалануучу болуп эсептелген Кыргыз Республикасынын жеке жана юридикалык жактары, чет өлкөлүк жеке жана юридикалык жактар.

**Жер казынасын пайдаланууда продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашунун мазмуну**

Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашууда жер казынасын пайлалануунун бардык шарттары, өндүрүлгөн продукцияны макулдашуунун тараптары ортосунда бөлүштүрүүнүн шарттары жана тартиби, ошондой эле продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө Кыргыз Речпубликасынын мыйзамдары менен каралган башка шарттар да аныкталууга тийиш.

“Жер казынасын пайдаланууда продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуулар жөнүндө” КРнын мыйзамынын нормаларына ылайык, жер казынасын пайдаланууда Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашууда (мындан ары текст боюнча – “Макулдашуу”) төмөнкү жоболор каралууга тийиш: :

1. **Макулдашуу жөнүндө келишимдин тараптары.** Бул бөлүктө Макулдашуунун тараптары көрсөтүлөт: Кыргыз Республикасы (КРнын Өкмөтү жана/же ал ыйгарым берген мамлекеттик башкаруу органдары) жана инвесторлор (КРнын жеке жана юридикалык жактары, чет элдик жеке жана юридикалык жактар).
2. **Инвесторго берилүүчү жер казынасынын объектиси.** Бул бөлүк жер казынасын пайдалануунун инвесторго берилип жаткан объектисин, ошондой эле бул объектини жана/же кайрадан түзүлгөн объектини КРнын Өкмөтүнө же ыйгарымдуу мамлекеттик органга кийинки өткөрүп берүүнүн шарттарын камтууга тийиш.
3. **Мамлекет менен инвестордун ортосундагы продукцияны бөлүштүрүү шарттары жана тартиби**:

- товардык продукциянын жалпы көлөмүн аныктоо;
- товардык продукциянын макулдашуу боюнча ишти аткарууга кеткен инвестордун чыгымдарынын ордун толтуруу (мындан ары - компенсациялык продукция) үчүн анын менчигине бериле турган бөлүгүн аныктоону. Инвесторго компенсациялык продукциянын эсебинен орду толтурула турган капиталдык жана эксплуатациялык чыгымдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келүүчү стандарттар жана нормалар боюнча техникалык-экономикалык эсептөөлөрдүн негизинде макулдашуу менен аныкталат;
- жер казынасын пайдаланганы үчүн төлөмдөрдү жана компенсациялык

продукцияларды төлөгөнгө пайдаланылуучу бул продукциянын бир бөлүгүн чыгарып салгандан кийин калган товардык продукция деп түшүнө турган кирешелүү продукцияны мамлекет менен инвестордун ортосунда бөлүштүрүүнү;

- макулдашуунун шартына ылайык товардык продукциянын мамлекетке таандык бөлүгүн ага берүү;
- макулдашуунун шартына ылайык товардык продукциянын инвесторго таандык бөлүгүн алуу.

4. **Макулдашуунун объектилерин жоюу жана консервациялоо тартиби.**
5. **Иштерди коопсуз жүргүзүү, жер казынасын, курчап турган жаратылыш чөйрөсүн жана калктын ден соолугун коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын нормаларын, жоболорун, стандарттарын сактоо боюнча шарттар.**
6. **Макулдашуунун аракет мөөнөтү**. Макулдашуунун аракет мөөнөтү тараптар тараптан өз алдынча коюлат, бирок 10 жылдан ашуун эмес (“Жер казынасын пайдаланууда продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуулар жөнүндө” КРнын мыйзамынын 5-бер.).
7. **Макулдашуунун тараптарынын жоопкерчилиги.**
8. **Башкаруу комитетинин укуктары, милдеттери жана анын иштөө тартиби.** “Жер казынасын пайдаланууда продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуулар жөнүндө” КРнын мыйзамынын 7-бер. 7-п. ылайык, Макулдашуу боюнча иштерди аткаруу жагындагы ишти координациялоо максатында тараптар тарабынан башкаруу комитетин түзүү каралууга тийиш, анын курамына ар бир тараптан бирдей сандагы өкүлдөр кирет. Башкаруу комитетинин сандык курамы, укуктары менен милдеттери, ошондой эле анын иштөө тартиби макулдашуу менен аныкталат.
9. **Макулдашуунун аткарылуусуна контролдун тартиби.** Бул бөлүктө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү же ыйгарымдуу мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашууну аткарууга контроль жүгүзүү тартиби көрсөтүлөт.
10. **Чыгымдардын ордун толтуруу тартиби.** Макулдашуу жөнүндө келишим мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда. Бул бөлүктө макулдашуу мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда төлөп берүүнүн өлчөмү аныкталат.
11. **Макулдашууга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби.**
12. **Башка зарыл шарттар**.

Мында макулдашуу менен инвестордун милдеттенмелери каралууга тийиш (“Жер казынасын пайдаланууда продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуулар жөнүндө” КРнын мыйзамынын 6- жана 7-бер.)

- инвесторлор менен түзүлгөн келишимдердин (контракттардын) негизинде Кыргыз Республикасынын юридикалык жактарына макулдашуу боюнча иштерге подрядчик, берүүчү, ташуучу катары же дагы башкача катышууга артыкчылыктуу укук берүү боюнча;

- Кыргыз Республикасынын жарандарын - кызматкерлерди тартуу боюнча, алардын саны ишке тартылган бардык адамдардын кеминде 80 пайызынан аз болбоого тийиш;
- чет өлкөлүк жумушчуларды жана адистерди макулдашуу боюнча иштердин алгачкы баскычында же Кыргыз Республикасынын тийиштүү квалификациядагы адистери - жарандары болбогон учурда гана тартуу боюнча;
- геологиялык иликтөө, пайдалуу кен чыккан жерлерди иштетүү жана казып алынган минералдык чийки заттарды кайра иштетүү үчүн жабдууларды, техникалык каражаттарды жана материалдарды жасоо үчүн заказдарды мындай заказдардын жалпы наркынын 50 пайызынан кем эмес көлөмүндө Кыргыз Республикасынын юридикалык жактарынын жана Кыргыз Республикасынын аймагында салык төлөөчү катары катталып, иштеп жаткан чет өлкөлүк юридикалык жактардын ортосунда жайгаштыруу боюнча;
- конкурстук негизде жаңы техниканы сатып алуу жана макулдашуу боюнча иштерди аткарууга прогрессивдүү технологияларды киргизүү боюнча. Мындай учурда Кыргыз Республикасында чыгарылган товарлар (жабдуулар, техникалык каражаттар жана материалдар) ишенимдүүлүгү, коопсуздугу жана сапаты жагынан чет өлкөлүк ушундай эле товарлар менен атаандашууга жарамдуу болууга тийиш;
- аталган иштердин курчап турган табигый чөйрөгө зыяндуу таасир тийгизишин алдын алууга, ошондой эле мындай таасирдин кесепеттерин жоюуга багытталган чараларды ишке ашыруу боюнча;
- курчап турган табигый чөйрөгө зыяндуу таасир тийгизүүгө алып келген кырсыктардан келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча жоопкерчиликти камсыздандыруу боюнча;
- макулдашуу боюнча иштер аяктагандан, ошондой эле макулдашуу боюнча иштер жүргүзүлгөн аймакты булганычтан тазалагандан кийин бардык курулуш жайларын, жабдууларды жана башка мүлктү жок кылуу боюнча.
- Кыргыз Республикасынын чарба жүргүзүүчү субъектилеринин макулдашууну жүзөгө ашырууга Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан аныкталган үлүштөрдө катышуусу боюнча.
- Макулдашуу токтотулгандан кийин Макулдашуунун объектисин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө же ыйгарымдуу мамлекеттик органга өткөрүп берүү боюнча;
- салттуу жаратылыш пайдалануу территорияларында жайгашкан жер казынасынын участоктору үчүн салттуу жаратылыш пайдалануу режимин бузгандык үчүн тийиштүү компенсацияларды төлөп берүү боюнча.
- территориянын пайдалуу кен байлыктар кендерин издөөнүн жана чалгындоонун белгилүү бир этаптары аяктагандан кийин ага пайдаланууга берилген участокторун кайтаруу боюнча.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жер казынасын пайдаланууда продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашууну түзүүдөгү кадам артынан кадам аракеттери**

**Таблица 8.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жер казынасын пайдаланууда продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашууну түзүүдөгү кадам артынан кадам аракеттери

| Кадамдын № | Кадамдын аталышы | Кадамдын мазмуну | Натыйжасы/Иш документи |
|---|---|---|---|
| **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жер казынасын пайдаланууда продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашууну түзүү боюнча аракеттери** | | | |
| Кадам 1 | Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуу боюнча берилип жаткан жер казынасын пайдалануу объектиси анын территориясында турган айылдык/шаардык кеңештин сессиясында “социалдык пакетти” (жергиликтүү жамаатты социалдык-экономикалык өнүктүрүү) бекитүү. | Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуу боюнча берилип жаткан жер казынасын пайдалануу объектиси анын территориясында турган жергиликтүү жамааттын курч проблемаларын чечүүнү эске алуу менен айылдык/шаардык кеңеш сессияда “социалдык пакетти” да – жергиликтүү жамааттын социалдык-тиричиликтик шарттарына инвестициялоо (кадрларды даярдоо, жергиликтүү калкты ишке орноштуруу, инфраструктураны куруу жана башка шарттар) программасын да бекитет. | Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуу боюнча берилип жаткан жер казынасын пайдалануу объектиси анын территориясында турган жергиликтүү жамааттын социалдык-тиричиликтик шарттарына инвестициялоонун бекитилген программасы. |
| Кадам 2 | Жер казынасын пайдалануу долбоорун коомдук экологиялык экспертизалоону (зарылдык болсо) уюштуруу. | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жер казынасын пайдалануу долбоорун коомдук экологиялык экспертизалоону (зарылдык болсо) уюштурушат. | Жер казынасын пайдалануу долбоорунун коомдук экологиялык экспертизалоонун отчету. |
| Кадам 3 (конкурс) | Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуу боюнча берилип жаткан жана тиешелүү административдик- | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдөрү продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуу боюнча берилип жаткан жана тиешелүү айылдык/шаардык | Конкурстук комиссиянын конкурстун натыйжалары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | территориялык бирдиктин чектеринде жайгашкан объектилерге пайдалануу укугун берүү боюнча конкурстук комиссиянын курамында иштөө. | кеңештин чектеринде жайгашкан жер казынасын пайдалануунун объектилерине пайдалануу укугун берүү боюнча конкурстун натыйжаларын бекитет. | жөнүндө протоколу. |
| Кадам 3 (аукцион) | Тиешелүү административдик-территориялык бирдиктин чектеринде жайгашкан лицензиялык объектилерге пайдалануу укугун берүү боюнча аукциондук комиссиянын курамында иштөө. | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдөрү аукциондук комиссиянын ишине катышат, ал Продукцияны бөлүштүрүү боюнча берилип жаткан объектилерге аукциондун жеңүүчүсүн аныктайт. | Аукциондук комиссиянын аукциондун жеңүүчүсүн аныктоо жөнүндө протоколу. |
| **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуу түзүлгөндөн кийинки аракеттери** | | | |
| Кадам 1 | Жер участокторун убактылуу пайдаланууга укукту берүү жана жерди натуралай бөлүп берүү. | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Пайдалуу кен байлыктардын кендери жерлеринин мамлекеттик резервине кирбеген жана жеке менчик болуп эсептелбеген жер участокторун убактылуу пайдалануу укугунда берет жана жерди натуралай бөлүп берүүнү жүргүзөт. | Айыл/шаар өкмөтүнүн жер участогун убактылуу пайдаланууга берүү жөнүндө токтому жана Жер участогун жер казынасын пайдаланууга убактылуу пайдалануу укугуна күбөлүк. |
| Кадам 2 | Инвесторлордун жер казынасын пайдалануу объектилерине жеткиликтүүлүгү. | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары инвесторлордун Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуунун объектисине тоскоолдуксуз жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрөт. | Айылдык жыйындардын, жергиликтүү калк арасындагы чогулуштардын протоколдору, чечимдери. |
| Кадам 3 | Жер казынасын пайдалануучулардын ишмердүүлүгүнө мыйзамсыз кийлигишүүнү болтурбоо максатында жергиликтүү калк | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жер казынасын пайдалануу долбooруна коомдук экологиялык экспертиза жүргүзүүнү уюштурушат | Айылдык жыйындардын, жергиликтүү калк арасындагы чогулуштардын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | арасындагы иш. | (зарылчылыгына жараша). | протоколдору, чечимдери. |
| Кадам 4 | Жер казынасын пайдаланууда Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуунун шарттарынын аткарылышына мониторинг жана контроль. | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тараптар тарабынан Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуунун шарттарында аныкталган инвестор алган милдеттенмелердин, анын ичинде социалдык пакеттин аткарылышын, кендерди иштетүүдө же жер казынасын геологиялык изилдөөдө пайдаланылган тоо-кен жана башка мүлктү жок кылуусуна жана консервациялоосуна, ошондой эле Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуунун негизинде берилген жер участокторун жана жер казынасын пайдалануу объектилерин рекультивациялоого мониторинг жана контроль жүргүзүшөт. | Тиешелүү отчеттор, Аткарылган иштерди кабыл алуу актылары. |

***Адатта жергиликтүү калк жергиликтүү территория жөнүндө жакшы маалымдар жана алар мал айдап өтүүчү жерлер, жайыткерлер жайлоочу жерлер, дарыялардын жана көлдөрдүн деңгээлинин көтөрүлүшү ж.б. максималдуу эске алынуусу үчүн кампустарды жана башка курулуштарды куруу үчүн орундарды туура тандоону айтып бере алат. Тоо-кен компанияларынын корпустарынын жана курулуштарынын даярдалып жаткан долбоорлору жөнүндө кандайча жана кайсы жерден билүүгө болот?***

Жайыттардын территориясында же суу булактарына жакын жер казынасын пайдалануу менен байланышкан учурдагы проблемаларды чечүү үчүн бардык кызыкдар тараптарды, баарыдан мурда жайыт пайдалануучуларды жана суу пайдалануучуларды тартуу зарыл. ЖПБ, СПА жана ИСКАКБ жетекчилери тарабынан кандай гана аракеттер көрүлбөсүн, алар жайыттарды жана сууларды рационалдуу пайдалануу проблемаларынын бүт кеңири спектрин камтый алышпайт. Мына ошондуктан кен казып алуучу компаниялардын өкүлдөрүнүн азыркы татаал шарттарда жайыт пайдалануучулардын, суу пайдалануучулардын жана бийликтин жергиликтүү органдарынын кызыкчылыктарын эске алуу үчүн жергиликтүү жамааттардын жалпы чогулуштарында тиешелүү маселелерди талкуулоого атышуусу чоң мааниге ээ болуп жатат.

КРнын Өкмөтүнө караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттик (Мамгеологагенттик) жер казынасын пайдаланууда мамилелерди жөнгө салуучу

орган болуп саналат. Ал жер казынасын пайдаланууга лицензияларды берүү боюнча даярдоо иштерин жүзөгө ашырат.

Ошол эле учурда Мамгеологагенттик пайдалуу кен байлыктарды казып алуу жана кайра иштетүү боюнча ишканалардын иш аянтчаларынын жайгашуу ордун, территорияларга куруу долбоорлорун, жер казынасын пайдалануу объектилерин долбоорлоого тапшырмаларды, техникалык-экономикалык негиздемелерди жана пайдалуу кен байлыктардын кендерин геологиялык изилдөөгө жана иштетүүгө техникалык долбоорлорду, пайдалуу кен байлыктарды казып алуу боюнча ишканаларды консервациялоону жана жоюуну, геологиялык чалгындоо жана тоо-кен иштерин өнүктүрүүнүн жылдык программаларын (пландарын), минералдык сырьену кайра иштетүүдө жер казынасынан пайдалуу кен байлыктарды жана пайдалуу компоненттерди бөлүп алуунун нормативдерин, пайдалуу кендердин алынган жана тастыкталбаган запастарын ишканалардын эсебинен чыгарып салууларды макулдашат. Азыркы учурда сиздер Мамгеологагенттикке кайрылып жана тоо-кен компанияларынын корпустарынын жана курулуштарынын даярдалып жаткан куруу долбоорлору жөнүндө биле аласыздарбы?

***Коомчулук жана ЖӨБО ишмердүүлүктүн курчап турган чөйрөгө, өзгөчө ичүүчү сууга таасирин экологиялык экспертиазадан өткөрүүгө катип катыша алат?***

КРнын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция (мындан ары – Мамэкотехинспекция) аткаруу бийлигинин экологиялык жана техникалык коопсуздук маселелери боюнча мамлекеттик көзөмөлдү жана контролду жүзөгө ашыруучу ыйгарымдуу мамлекеттик органы болуп саналат. Мамэкотехинспекция ишкердиктин контролдонулуучу объектилерин жана субъектилерин камтууну, текшерүүлөрдү оптималдаштыруу программасын жана райондор менен шаарлардын географиялык жайгашуусун эске алуу менен 17 регионалдык башкармалыкка ээ.

Мамэкотехинспекция өзүнүн ишмердүүлүгүн КРнын Өкмөтүнүн жетекчилиги астында жүзөгө ашырат, башка мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенет. Мамэкотехинспекция көзөмөлдү **“Экологиялык экспертиза жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына** ылайык жүзөгө ашырат.

**“Экологиялык экспертиза жөнүндө” КРнын мыйзамы** экологиялык экспертиза жаатындагы укуктук мамилелерди жөнгө салып, чарбалык жана башка ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун натыйжасында келип чыгуучу экологиялык терс кесепеттердин алдын алуу менен жагымдуу курчап турган чөйрөгө болгон жарандардын конституциялык укугун жүзөгө ашырууга багытталган. Жарандардын жана алардын бирикмелеринин курчап турган чөйрөнү коргоо жана рационалдуу жаратылыш пайдалануу тармагындагы чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусунун негизги мүмкүнчүлүктөрүнүн бири болуп коомдук экологиялык экспертиза саналат. **Кыргыз Республикасында экологиялык экспертизанын 2 түрү жүзөгө ашырылат: мамлекеттик экологиялык экспертиза жана коомдук экологиялык экспертиза.**

**Мамлекеттик экологиялык экспертиза** экологиялык экспертиза боюнча ыйгарымдуу мамлекеттик орган тарабынан атайын бекитилген тартипте жүргүзүлөт.

Мамлекеттик экологиялык экспертизаны жүргүзүү үчүн долбоордун демилгечиси төмөнкү документтерди берүүгө милдеттүү:

- чарбалык жана башка иш-аракеттин жаратылыш айлана-чөйрөсүнө тийгизген таасирине баа берүүнүн материалдарын;

- тиешелүү атайын ыйгарым укук берилген мамлекеттик контролдоо органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын корутундуларын жана/же макулдашуу документтерин;

- эгерде ал жүргүзүлсө, коомдук экологиялык экспертизанын корутундусун. Мамлекеттик экологиялык экспертиза ага алдын ала акы төлөнгөн шартта долбоордун демилгечиси тарабынан белгиленген тартипте толук көлөмдө жүргүзүлөт.

Курчап турган чөйрөгө таасир көрсөтүүгө баа берүүнүн процедурасын колдонуудагы ченемдик укук актыларга ылайык долбоордун демилгечиси камсыз кылат. Курчап турган чөйрөгө таасир көрсөтүүгө баа берүү иштин төмөнкү түрлөрү үчүн негиздемелерди даярдоодо уюштурулат жана жүргүзүлөт:

- социалдык-экономикалык өнүгүүнүн тармактык жана аймактык концепцияларын, программаларын жана пландарын;

- жаратылыш ресурстарын комплекстүү пайдалануунун жана коргоонун схемаларын;

- шаарлардын, калк жашаган жерлердин башкы пландарын жана башка шаар куруу документациясын;

- курчап турган чөйрөгө таасир тийгизген, болбосо таасир тийгизиши мүмкүн болгон иштеп жаткан чарбалык жана башка объектилерди жаңыдан куруунун, реконструкциялоонун, кеңейтүүнүн жана техникалык жактан кайра жабдуунун.

Долбоорлоо документациясын иштеп чыгуунун бардык түрлөрүнүн жана стадияларынын курамында курчап турган чөйрөгө таасир тийгизүүгө баа берүүнүн болушу милдеттүү болуп саналат жана экологиялык экспертиза боюнча атайын ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган тарабынан чечим кабыл алуу үчүн негиз катары кызмат кылат.

Конкреттүү объектинин мамлекеттик экологиялык экспертизасын экологиялык экспертиза боюнча атайын ыйгарым укук берилген орган түзгөн эксперттик комиссия жүргүзөт.

Эксперттик комиссиянын курамына экологиялык экспертиза боюнча атайын ыйгарым укук берилген мамлекеттик органдын штаттык кызматкерлери жана штаттан тышкаркы эксперттер, анын ичинде компетенциясына курчап турган чөйрөнү коргоонун маселелери кирген уюмдардын адистери киргизилет.

Долбоордун демилгечисинин өкүлү же анын иштеп чыгуучусу мамлекеттик экологиялык экспертизанын эксперти боло албайт.

Мамлекеттик экологиялык экспертизаны жүргүзүүнүн мөөнөтү экспертизанын объектинин татаалдыгы менен аныкталат, бирок ал зарыл материалдарды толук көлөмдө алган жана аны жүргүзүү үчүн акы төлөнгөн учурдан тартып үч айдан ашпоого тийиш.

Мамлекеттик экологиялык экспертизанын корутундусу болуп эксперттелүүчү ишмердүүлүк, экспертизанын объектин курчап турган чөйрөгө таасир тийгизүүсүнө жол

берилүүчүлүгү, ишке ашыруунун мүмкүнчүлүгү жөнүндө негизделген тыянактарды камтыган, эксперттик комиссия тарабынан даярдалган документ саналат.

Мамлекеттик экологиялык экспертизанын корутундусу оң же терс болушу мүмкүн.

Мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң корутундусу - экспертизанын объектисин каржылоонун, кредит берүүнүн, инвестициялоонун, ишке ашыруунун милдеттүү шарттарынын бири болуп саналат.

Мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң корутундусу экологиялык экспертиза боюнча атайын ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган тарабынан аныкталган мөөнөттүн ичинде юридикалык күчкө ээ.

Экспертизанын объектин ишке ашырууга тыюу салуу мамлекеттик экологиялык экспертизанын терс корутундусунун юридикалык натыйжасы болуп саналат.

Мамлекеттик экологиялык экспертизанын терс корутундусу болгон учурда долбоордун демилгечиси корутундуда баяндалган сын-пикирлерди эске алуу менен аларды кайра иштеп чыккан шартта материалдарды мамлекеттик экологиялык экспертизага кайрадан берүүгө укуктуу.

**Коомдук экологиялык экспертиза** Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген тартипте каттоодон өткөн жарандардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана коомдук бирикмелердин демилгеси боюнча уюштурулат жана жүргүзүлөт.

Коомдук экологиялык экспертиза мамлекеттик экологиялык экспертизага көз карандысыз жүргүзүлүшү мүмкүн.

Коомдук экологиялык экспертизаны жүргүзүүнүн демилгечилери коомдук экологиялык экспертизаны жүргүзүү жөнүндө жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына алдын ала кат түрүндө кабарлоого милдеттүү.

Ушул Мыйзам тарабынан белгиленген тартипте коомдук экологиялык экспертиза өткөрүүнү жүзөгө ашыруучу коомдук бирикмелер жана жарандар:

- экологиялык экспертизага тиешелүү болгон документациянын долбоорун демилгечиден толук көлөмдө алууга;

- мамлекеттик экологиялык экспертизаны өткөрүүгө карата талаптарды белгилеген нормативдик-техникалык документация менен таанышууга;

- коомдук экологиялык экспертизанын натыйжаларын массалык маалымат каражаттарында жарыялоого укуктуу.

Эгерде коомдук экологиялык экспертиза ал жөнүндө маалыматтар мамлекеттик жашыруун сыр жөнүндө мыйзамдарда белгиленүүчү маалыматтардын тизмесине ылайык мамлекеттик жашыруун сырды түзгөн объектке карата белгиленсе, коомдук экологиялык экспертиза жүргүзүү жөнүндө арызды каттоодон баш тартылышы мүмкүн.

Коомдук экологиялык экспертизанын корутундусу мамлекеттик экологиялык экспертизаны жүзөгө ашыруучу органга, ошондой эле экспертизанын объекттерин ишке ашыруу жөнүндө чечим кабыл алуучу органга жиберилет.

Коомдук экологиялык экспертизанын корутундусу сунуш берүүчү болуп саналат. Ал массалык маалымат каражаттарында жарыяланышы, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, долбоордун демилгечилерине, иштеп чыгуучуларына жана башка кызыккан жактарга берилиши мүмкүн.

8-бер. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тиешелүү аймакта төмөнкүлөрдү жүзөгө ашыра тургандыгы көрсөтүлгөн::

- аларды жүзөгө ашыруу өз аймагында белгиленген, ошондой эле кошуна административдик-территориялык бирдикте болжолдонуучу чарбалык иштин натыйжасында курчап турган чөйрөгө таасир тийгизүүсү мүмкүн болгон учурларда объекттерди экологиялык экспертизадан өткөрүүгө катышуу үчүн эксперттик комиссиялардын курамына эксперттерди жиберүүнү;

- коомдук талкуулоолордун, референдумдардын, сурамжылоолордун, коомдук экологиялык уюмдардын жана кыймылдардын билдирүүлөрүнүн натыйжаларынын негизинде экологиялык экспертизанын маселелери боюнча чечимдерди өз ыйгарым укуктарынын алкагында кабыл алууну жана ишке ашырууну;

- жергиликтүү калктын талаптары боюнча коомдук экологиялык экспертиза уюштурууну;

- экологиялык экспертиза боюнча атайын ыйгарым укук берилген органга ведомстволук баш ийүүдөгү административдик территорияда болжолдонуучу чарбалык жана башка иш-аракеттер жөнүндө маалымдоону.

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары төмөнкүлөргө укуктуу:

- экологиялык экспертиза боюнча атайын ыйгарымдуу мамлекеттик органдан экологиялык экспертизанын объекттери, алардын курчап турган чөйрөгө таасирине баа берүү жөнүндө зарыл болгон маалыматты алууга;

- экологиялык экспертиза боюнча атайын ыйгарымдуу мамлекеттик органга белгиленүүчү ишиердүүлүктү жүзөгө ашыруунун экологиялык аспекттерине тиешелүү далилдүү сунуштарды жазуу түрүндө жиберүүгө.

## III Бөлүм
## Мамлекеттик экологиялык экспертиза

### 9-берене. Мамлекеттик экологиялык экспертизаны жүргүзүү

Мамлекеттик экологиялык экспертиза экологиялык экспертиза боюнча атайын ыйгарымдуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген тартипке ылайык жүргүзүлөт.

Мамлекеттик экологиялык экспертизаны жүргүзүү үчүн долбоордун демилгечиси төмөнкү документацияны берүүгө милдеттүү:

- чарбалык жана башка ишмердүүлүктүн курчап турган чөйрөгө тийгизген таасирине баа берүүнүн материалдарын;

- тиешелүү атайын ыйгарымдуу мамлекеттик контролдоо органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын корутундуларын жана/же макулдашуу документтерин;

- эгерде ал жүргүзүлсө, коомдук экологиялык экспертизанын корутундусун. Мамлекеттик экологиялык экспертиза ага алдын ала акы төлөнгөн шартта долбоордун демилгечиси тарабынан белгиленген тартипте толук көлөмдө жүргүзүлөт.

**10-берене. Курчап турган чөйрөгө таасир көрсөтүүгө баа берүү**

Курчап турган чөйрөгө таасир көрсөтүүгө баа берүүнүн процедурасын колдонуудагы нормативдик-укуктук актыларга ылайык долбоордун демилгечиси камсыз кылат. Курчап турган чөйрөгө таасир көрсөтүүгө баа берүүгө ишмердүүлүктүн төмөнкү түрлөрү үчүн негиздемелерди даярдоодо уюштурулат жана жүргүзүлөт:

- социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн тармактык жана аймактык концепциялары, программалары жана пландары;

- жаратылыш ресурстарын комплекстүү пайдалануунун жана коргоонун схемалары;

- шаарлардын, калк жашаган жерлердин башкы пландарын жана башка шаар куруу документациясы;

- курчап турган чөйрөгө таасир тийгизген, болбосо таасир тийгизиши мүмкүн болгон иштеп жаткан чарбалык жана башка объекттерди жаңыдан куруу, реконструкциялоо, кеңейтүү жана техникалык жактан кайра жабдуу.

Долбоорлоо документациясын иштеп чыгуунун бардык түрлөрүнүн жана стадияларынын курамында курчап турган чөйрөгө таасир тийгизүүгө баа берүүнүн болушу милдеттүү болуп саналат жана экологиялык экспертиза боюнча атайын ыйгарымду мамлекеттик орган тарабынан чечим кабыл алуу үчүн негиз катары кызмат кылат.

**11-берене. Мамлекеттик экологиялык экспертизанын эксперттик комиссиясы**

Конкреттүү объекттин мамлекеттик экологиялык экспертизасын экологиялык экспертиза боюнча атайын ыйгарымдуу орган түзгөн эксперттик комиссия жүргүзөт.

Эксперттик комиссиянын курамына экологиялык экспертиза боюнча атайын ыйгарымдуу мамлекеттик органдын штаттык кызматкерлери жана штаттан тышкаркы эксперттер, анын ичинде компетенциясына курчап турган чөйрөнү коргоо маселелери кирген уюмдардын адистери киргизилет.

Долбоордун демилгечисинин өкүлү же анын иштеп чыгуучусу мамлекеттик экологиялык экспертизанын эксперти боло албайт.

**12-берене. Мамлекеттик экологиялык экспертизаны жүргүзүүнүн мөөнөттөрү**

Мамлекеттик экологиялык экспертизаны жүргүзүүнүн мөөнөтү экспертизанын объектинин татаалдыгы менен аныкталат, бирок ал зарыл материалдарды толук көлөмдө алган жана аны жүргүзүү үчүн акы төлөнгөн учурдан тартып үч айдан ашпоого тийиш.

**13-берене. Мамлекеттик экологиялык экспертизанын корутундусу**

Эксперттелүүчү иш, экспертизанын объектин ишке ашыруунун мүмкүнчүлүгү курчап турган чөйрөгө таасир тийгизүүсүнө жол берилерлиги жөнүндө негизделген тыянактарды

камтыган, эксперттик комиссия тарабынан даярдалган документ мамлекеттик экологиялык экспертизанын корутундусу болуп саналат.

Мамлекеттик экологиялык экспертизанын корутундусу оң же терс болушу мүмкүн.

Мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң корутундусу - экспертизанын объектин каржылоонун, кредит берүүнүн, инвестициялоонун, ишке ашыруунун милдеттүү шарттарынын бири болуп саналат.

Мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң корутундусу экологиялык экспертиза боюнча атайын ыйгарымдуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталган мөөнөттүн ичинде юридикалык күчкө ээ.

Экспертизанын объектин ишке ашырууга тыюу салуу мамлекеттик экологиялык экспертизанын терс корутундусунун юридикалык натыйжасы болуп саналат.

Мамлекеттик экологиялык экспертизанын терс корутундусу болгон учурда долбоордун демилгечиси корутундуда баяндалган сын-пикирлерди эске алуу менен аларды кайра иштеп чыккан шартта материалдарды мамлекеттик экологиялык экспертизага кайрадан берүүгө укуктуу.

## IV Бөлүм
## Коомдук экологиялык экспертиза

### 14-берене. Коомдук экологиялык экспертизаны жүзөгө ашыруу

Коомдук экологиялык экспертиза Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген тартипте каттоодон өткөн жарандардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана коомдук бирикмелердин демилгеси боюнча уюштурулат жана жүргүзүлөт.

Коомдук экологиялык экспертиза мамлекеттик экологиялык экспертизага көз карандысыз жүргүзүлүшү мүмкүн.

Коомдук экологиялык экспертизаны жүргүзүүнүн демилгечилери коомдук экологиялык экспертизаны жүргүзүү жөнүндө жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына алдын ала жазуу түрүндө кабарлоого милдеттүү.

### 15-берене. Коомдук бирикмелердин жана жарандардын экологиялык экспертиза тармагындагы укуктары

Ушул Мыйзам тарабынан белгиленген тартипте коомдук экологиялык экспертиза өткөрүүнү жүзөгө ашыруучу коомдук бирикмелер жана жарандар:

- экологиялык экспертизага тиешелүү болгон документациянын долбоорун демилгечиден толук көлөмдө алууга;

- мамлекеттик экологиялык экспертизаны өткөрүүгө карата талаптарды белгилеген чнормативдик-техникалык документация менен таанышууга;

- коомдук экологиялык экспертизанын натыйжаларын массалык маалымат каражаттарында жарыялоого укуктуу.

**16-берене. Коомдук экологиялык экспертиза жүргүзүү жөнүндө арызды каттоодон баш тартуу**

Эгерде коомдук экологиялык экспертиза ал жөнүндө маалыматтар мамлекеттик жашыруун сыр жөнүндө мыйзамдарда белгиленүүчү маалыматтардын тизмесине ылайык мамлекеттик жашыруун сырды түзгөн объектке карата белгиленсе, коомдук экологиялык экспертиза жүргүзүү жөнүндө арызды каттоодон баш тартылышы мүмкүн.

**17-берене. Коомдук экологиялык экспертизанын корутундусу**

Коомдук экологиялык экспертизанын корутундусу мамлекеттик экологиялык экспертизаны жүзөгө ашыруучу органга, ошондой эле экспертизанын объекттерин ишке ашыруу жөнүндө чечим кабыл алуучу органга жиберилет.

Коомдук экологиялык экспертизанын корутундусу сунуш берүүчү болуп саналат. Ал массалык маалымат каражаттарында жарыяланышы, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, долбоордун демилгечилерине, иштеп чыгуучуларына жана башка кызыккан жактарга берилиши мүмкүн.

***ЖӨБО потенциалдуу тоо-кен казып алуучу компанияга лицензиялык аянтты берүү жөнүндө чечимди кабыл алууга кантип катыша алат?***

Жер казынасын пайдаланууга укук конкурстарды, аукциондорду өткөрүүнүн негизинде, түз сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жолу менен бериле алат. Конкурс же аукцион өткөрүү үчүн комиссия түзүлөт, анын курамына конкурстук объект территориясында жайгашкан жергиликтүү мамлекеттик администрациянын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын добушка ээ кызматкери катышууга тийиш. ЖӨБО мына ушундай түрдө лицензиялык аянтты берүү жөнүндө чечимге катыша алат.

**Таблица 9.** Жер казынасын пайдалануу укугун берүүнүн методдору жана алардын мазмуну

| Конкурс | Аукцион | Түз сүйлөшүүлөр |
|---|---|---|
| 1.Конкурстар КРнын Өкмөтүнүн чечими менен жалпы мамлекеттик маанидеги объектилер боюнча өткөрүлөт, алардын тизмеси массалык маалымат каражаттарында жарыяланат. | 1.Аукциондор кендер, кен көрүнгөн жерлер, перспективалуу аянттар боюнча, Мамгеологагенттик бекиткен тизме боюнча жүргүзүлөт. Аукционго коюлуучу жер казынасынын объектилери: - аукциондук объектилердин тизмесине киргизилген жер казынасынын объектилери; - эки конкурсту өткөрүүнүн жыйынтыктары боюнча женүүчү аныкталбаганда алар боюнча комиссиянын объектилерди пайдалануу укугун | Жер казынасын пайдаланууга укукту түз сүйлөшүүлөр менен берүү кызыкдар тараптардын билдирмелери боюнча Мамгеологагенттик тарабынан жүзөгө ашырылат. |

| | | |
|---|---|---|
| | аукционго коюу жөнүндө комиссиянын чечими кабыл алынган объектилер;<br>- аукционго коюу үчүн арналбаган, бирок алар боюнча жер казынасын пайдалануу укугуна эки же андан көп билдирмелер түшкөн жер казынасынын объектилери;<br>- алар боюнча 24 ай аралыгында түз сүйлөшүүлөр жолу менен жер казынасын пайдалануучуларга лицензиялар берилбеген жер казынасын пайдалануу укугунун объектилери; | |
| 2.Жер казынасын пайдалануу укугунун конкурстук шарттары аныкталат. | 2.Аукционго коюлган лоттун (жер казынасын пайдалануу объектисинин) старттык баасы Мамгеологагенттик тарабынан жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырууга ылайык аныкталат жана бонустун суммасын камтыйт. | Жер казынасын пайдалануу укугу түз сүйлөшүүлөрдүн протоколунун негизинде берилет. |
| 3.Конкурс келип түшкөн билдирмелердин негизинде конкурстук комиссия тарабынан жүргүзүлөт жана жер казынасын пайдалануунун эң жакшы шарттарын сунуш кылган талапкер онкурстун жеңүүчүсү болуп калат. | 3.Аукцион келип түшкөн билдирмелердин негизинде аукциондук комиссия тарабынан жүргүзүлөт.<br><br>Аукциондун жеңүүчүсү болуп жер казынасын пайдалануу укугун алуу үчүн эң чоң акчалай сумманы сунуш кылган талапкер аукциондун жеңүүчүсү болуп эсептелет. | Жер казынасын пайдаланууга укук жер казынасын пайдалануунун объектиси, жер казынасын пайдалануунун түрү жана пайдалуу кен байлыктардын тизмеси көрсөтүлүү менен келип түшкөн арыздарды кароонун натыйжасы боюнча берилет. |
| 4.Конкурсту өткөрүү үчүн КРнын Өкмөтү тарабынан курамында 7 адамдан кем болбогон ведомстволор аралык конкурстук комиссия түзүлөт. Бул комиссиянын төрагасы КРнын Өкмөтү тарабынан, а комиссиянын | 4.Аукционду өткөрүү тартиби жана ишмердүүлүгү комиссиянын төрагасы тарабынан бекитилген аукциондук комиссиянын регламенти менен жөнгө салынат. Комиссия Мамгеологагенттиктин, | |

| | | |
|---|---|---|
| добуш укугуна ээ эмес катчысы – жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруу боюнча ыйгарымдуу мамлекеттик органдан дайындалат. Комиссиянын курамына КРнын Жогорку Кеңешинин парламенттик фракцияларынын, кызыкдар министрликтер менен ведомстволордун, конкурстук объект анын территориясында жайгашкан жергиликтүү мамлекеттик администрациянын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өкүлдөрү киришет. | кызыкдар министрликтер менен ведомстволордун, жер казынасын пайдалануу укугунун объекти жайгашкан жергиликтүү мамлекеттик администрациянын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өкүлдөрүнөн турууга тийиш. 5 адамдан кем эмес комиссиянын курамы буйрук менен, Мамгеологагенттик тарабынан бекитилет. Комиссиянын төрагасы жана катчысы болуп жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруу боюнча ыйгарымдуу мамлекеттик органдын өкүлдөрү дайындалышат. Комиссиянын катчысы комиссия тарабынан чечим кабыл алууда добуш укугуна ээ эмес, комиссиянын отурумдарын даярдоо жана өткөрүү боюнча ишти жүзөгө ашырат, комиссиянын отурумунун протоколун жана добуш берүүдө комиссиянын мүчөлөрүнүн добуштарын саноону жүргүзөт. | |
| 5.Конкурсту өткөрүү жөнүндө кулактандыруу массалык маалымат каражаттарында жана Мамгеологагенттиктин Интернет-сайтында жарыяланат. | 5. Аукционду өткөрүү жөнүндө кулактандыруу массалык маалымат каражаттарында жарыяланат жана Мамгеологагенттиктин Интернет-сайтында аукционду өткөрүү датасына чейин **45 күндөн** кеч эмес жайгаштырылат. | |
| 6.Конкурстар ачык болуп саналат. | 6.Аукциондор ачык болуп саналат. | |

| | | |
|---|---|---|
| 7.Жер казынасын пайдалануу укугу конкурстун жеңүүчүсүнө конкурстук комиссиянын протоколунун негизинде берилет. | 7. Жер казынасын пайдалануу укугу аукциондун жеңүүчүсүнө аукциондук комиссиянын протоколунун негизинде берилет. | |
| 8.Конкурс төмөнкү учурларда өтпөгөн болуп таанылат:<br>1) эгерде берилген сунуштардын бири да конкурстук шарттарга жооп бербесе;<br>2) билдирмелер жок болгон учурда,<br>3) бир гана билдирме түшкөн учурда. | 8.Аукцион төмөнкү учурларда өтпөгөн болуп таанылат:<br>1) аукционго катышууга билдирмелер жок болгон же бир гана билдирме берилген учурда;<br>2) аукционго катышууга бир гана катышуучуга жол берилгенде, же эч кимге жол берилбегенде;<br>3) аукционго катышуу үчүн бир гана катышуучу катталганда же эч ким катталбаганда;<br>4) аукциондун катышуучулары тарабынан старттык баадан жогору баа сунушталбаганда.<br>Аукцион болбой калды деп таанылган учурда аукциондук комиссия кайталап аукцион өткөрүү чечимин кабыл алат жана кайталанган аукционду өткөрүү датасын аныктайт. | |
| 9.Эгерде кайталанган конкурстун натыйжасында жеңүүчү аныкталбаса, конкурстук комиссия объектини аукционго берүү жөнүндө чечим кабыл алат. | 9.Эки жолу аукциондун жеңүүчүсү аныкталбаганда же аукцион эки жолу катары менен болбой калды деп таанылганда, жер казынасын пайдаланууга укук түз сүйлөшүүлөр жолу менен жүзөгө ашырылат. | |
| 10.Конкурстун катышуучуларынын чыгымдарынын орду толтурулууга жатпайт. | 10. Аукциондун катышуучуларынын чыгымдарынын орду толтурулууга жатпайт. | |

***Жер казынасын пайдаланганга канча убакыт берилет?***

Кыргыз Республикасынын Жер казынасы жөнүндөгү мыйзамынын 22 беренесинде Жер казынасын пайдалануу укугунун колдонуу мөөнөтү төмөнкүдөй белгиленген:

1) геологиялык издөө иштерине - кийин техникалык долбоорго ылайык узартуу менен 5 жылга чейин;

2) геологиялык чалгындоо иштерине - кийин техникалык долбоорго ылайык узартуу менен 10 жылга чейин;

3) пайдалуу кен чыккан жерлерди иштетүүгө - кийин пайдалуу кендердин запастары түгөнгөнчө узартуу менен 20 жылга чейин;

4) жер казынасын геологиялык изилдөө жана пайдалуу кен чыккан жерлерди иштетүү менен байланышпаганда - техникалык долбоордо каралган мөөнөткө, кийин такталган техникалык долбоордо каралган мөөнөткө узартуу менен.

Мамлекеттик каттоонун негизинде берилген жер казынасын пайдалануу укугун колдонуу мөөнөтү илимий-изилдөө иштеринин программасын аткаруу мөөнөтү менен белгиленет.

***Жер казынасын иштетип жаткан уюм, мекеме (поиск, разведка) стадиясында айыл окмотко билдирбей иш алып барып жаткан кантип билүүгө болот, жана алар аныкталгандан кийин кандай чараларды көрүүгө болот?***

Жер казынасын жөнгө салуучу жана жер казынасы боюнча маалымат беричүү орган болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу **Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттиги** экенин билдирмекмин. Ошол себептен Сиздин, айыл өкмөтүнүн териториясында жайгашкан жер казыналары туралу ошондой эле издөө, чалгындоо жана иштетүү стадияларын (поиск, разведка, разработка**)** боюнча толугу менен маалыматтарды алганга, жогоруда көргөзүлгөн **Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттигине** кат түрүндө кайрылсаныз болот, себеби Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттиги жер казынасын геологиялык изилдөөдө жана өнөр жайлык өздөштүрүүдө жер казынасын пайдаланууга жана коргоого контроль жүргүзүгө ошондой эле жер казынасын колдонууга лицензия берүүчү орган болуп эсептелет.

Бирок Кыргыз Республикасынын **Жер казынасы жөнүндөгү мыйзамынын 9 беренсине ылайык**, жер казынасын иштеткени келген уюм же мекеме, издөө жана чалгындоо иштерин баштарда айыл окмотунун же болбосо жергиликтүү администрация тарабынан жер участокко кирүү үчүн **макулдук** алыш керек экенин көрсөтүлгөн.

Эгерде, Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттигинин мааллыматына ылайык Сиздердин, айыл өкмөтүнүн териториясында жайгашкан жер казынада уюм же мекеме айыл окмотунон же жергиликтуу администрация тарабынан макулдук албастан издөө, чалгындоо иштерин жургузуп жатса анда Сиз, кайра Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттигине мекеме же уюм айыл

окмотунон макулдук албастан жер казынасын иштетип жаткандыгы тууралу кагаз турундо кайрылуу жасашыңыз керек. Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттиги Кыргыз Республикасынын АЖКо 105-ст. же ушул эле кодекстин 97-ст. колдонуп жазалого тийиш.

***Жер казынасын иштеткен (лицензиат) адам жердин салыгын озу тогобу же жердин ээси тарабынан төгүлөбу? Салык лицензиант катталган жерде төгүлөбү же иш алып барган жерде төгүлөбү?***

Кыргыз Республикасынын Жер кодексине ылайык жер участогуна жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акты, жер участокту убактылуу пайдаланууга укук жөнүндө күбөлүк менен, жер үлүшүнө жеке менчик укугу жөнүндө күбөлүк менен ырасталган субъект жер участогу пайдаланылганына же пайдаланылбаганына карабастан жер салыгын төлөөчү деп эсептелет. Ал эми, жер казынасын пайдалануучу жер салыгын жалпы негиздерде төлөйт. Салыктык өлчөмү участоктун өлчөмүнө жана кайсы жерде жайгашканы жана эмне үчүн колдонулаарына жараша болот.

Сиздин, Салык лицензиант катталган жерде төгүлөбү же иш алып барган жерде төгүлөбү, деген экинчи суронузга. Мыйзамга ылайык лицензиант (жер казынасын пайдалануучу) салыкты катталган жери боюнча төгөрүн билдирмекмин.

***Жер казынасы жайгашкан жерлер аренда жолу менен берилеби?***

“Жер казынасы жөнүндө” Мыйзамдын 20-беренесинин нормаларына ылайык, Кыргыз Республикасында жер казынасын пайдалануу укугу төмөнкүлөрдүн негизинде пайда болот:

- Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензиянын;

Концессиялык келишимдин; Концессиялык келишим бул, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана (же) жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен жер казынасын пайдалануучунун ортосундагы концессиялык келишимдин негизинде жер казынасын пайдалануу укугунун формасы, мында жер казынасын пайдалануучуга жер казынасын геологиялык изилдөөгө жана (же) пайдалуу кендерди иштетүүгө концессиялык келишимде аныкталган шарттарда өзгөчө укук берилет. Концессионердин төлөмдөрү тике жана кыйыр болуп экиге бөлүнөт.

Тике төлөмдөргө:

- концессия үчүн акы;

- арендалык акы, анын өлчөмү Кыргыз Республикасынын закондору менен белгиленет;

- Кыргыз Республикасынын закондорунда каралган салыктар кирет.

Кыйыр төлөмдөргө:

- Кыргыз Республикасынын эл чарбасына кошумча инвестиция берүү;

- концессионер тарабынан жеңилдик кредиттерди берүү;

-соода-экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү үчүн Кыргыз Республикасынын юридикалык жана физикалык жактарына концессионер тарабынан башка жеңилдиктерди берүү кирет.

Эркин жүгүртүлүүчү же ага теңештирилген валютадагы туруктуу сумма концессия үчүн акы төлөө деп түшүнүлөт, анын өлчөмү конкурстун жүрүшүндө аныкталат жана концессиялык объекттин бааланууучу наркы болуп саналат. Эреже катары, бул төлөм бир жолу жүргүзүлөт жана келишимде башка шарттар каралбаса, концессиялык ишкананы чарбалык иши башталганга чейин ал мамлекеттик каттоодон өткөндөн кийин жүргүзүлөт.

- Продукцияны бөлүштүрүү тууралуу макулдашуунун; Продукцияны бөлүштүрүү жөнүндөгү макулдашуу (мындан ары - макулдашуу) келишим болуп эсептелет, ага ылайык Кыргыз Республикасы ишкердиктин субъектине (мындан ары - инвестор) акысын төлөтүү менен жана белгилүү бир мөөнөткө макулдашууда көрсөтүлгөн жер казынасынын участкасында пайдалуу кендерди издөөгө, чалгындоого, иштетүүгө жана буга байланыштуу иштерди жүргүзүүгө карата өзгөчө укуктарды берет, ал эми инвестор аталган иштерди өзүнүн каражаттарынын эсебинен жана өзүнүн тобокелчилиги менен аткарууга милдеттенет. Макулдашуу жер казынасын пайдаланууга байланыштуу бардык зарыл шарттарды, анын ичинде казып алынган минералдык чийки затты кайра иштетүүнүн, өндүрүлгөн продукцияны тараптардын ортосунда мыйзамдын жоболоруна ылайык бөлүштүрүүнүн шарттары менен тартибин аныктайт.
- Социалдык пакеттин; Социалдык пакет бул. (жергиликтүү коомдоштуктун социалдык-экономикалык өнүгүүсү) -аймагында конкурстук объекттер жайгашкан жергиликтүү коомдоштуктун социалдык-турмуш шарттарына инвестициялоо программасы (кадрларды даярдоо, жергиликтүү калкты жумушка орноштуруу жана инфратүзүмдөрдү куруу жана башка шарттар).

Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны берүү, токтото туруу жана жокко чыгаруу боюнча лицензиардын функциясын Кыргыз Республикасына караштуу Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттик аткарат. Ал жер казынасын пайдалануу жана кен казуу өнөр жайын өнүктүрүү жагында мамлекеттик саясатты ишке ашырган аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы болуп эсептелет.

Лицензия алгандан кийин жана лицензиялык тиркемени түзгөн соң жер казынасын пайдалануучулар лицензиат макамын алат жана өздөштүрүүнүн (пайдалуу кендер чыккан жерди иштетүү, же чалгындоо, же издөө) техникалык долбоорлорун түзөт. Алар болсо жер казынасын коргоо, өнөр жай жана экологиялык коопсуздук боюнча экспертиза өткөрүү боюнча мамлекеттик органдарга (Мамгеолагенттик жана Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбачылыгы боюнча мамлекеттик агенттик) жана жер участогун пайдалануу укугун алуу үчүн бөлүп берген жерлердин ээлерине берилет.

Демек жер казынасын пайдалануучуга аренда эмес, жогорудагы жоболордун негизинде берилерин билдирмечимин.

### *Жер казынасын ЖӨБ тарабынан беруу процедурасы тушундуруп бергилечи?*

Негизи, Жер казынасын пайдалануу укугу кезектегилердин негинде пайда болот лицензиянын, концессиялык келишимдин жана продукцияны бөлүштүрүү тууралуу макулдашуунун.

Ошондой эле кен байлыктар жайгашкан жер участокторду берүү, үч стадияда жүрөт алар издөө, чалгындоо жана иштетүү стадиялары (поиск, разведка, разработка**)** мунун бары Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 28-беренесинде жана «Жер казынасы жөнүндө» КР Мыйзамынын 39-беренесинде так коргозулуп кеткен. Жер казынасын пайдалануу үчүн жер участоктору жер казынасын пайдалануу укугунун мөөнөтүнө убактылуу колдонууга гана берилери айтылган. Бул болсо жер казынасын пайдаланууга жер участокторy жер казынасын пайдалануу укугунун иштеген мөөнөтүндөй эле чукул (убактылуу) пайдалануу мөөнөтүндө дегенди билдирет. Башкача айтканда, жер участоктору жер казынасын пайдаланууга укук берген лицензияда/лицензиялык тиркемеде, же болбосо концессиялык келишимде, же продукцияны бөлүштүрүү тууралуу макулдашууда көрсөтүлгөн мөөнөткө берилерин билдирмекчимин.

**Биринчи издөө стадиясына токтоло кетсек**. Жер казынасын геологиялык изилдөөдө жер участогун ажыратуу, укук күбөлөндүрүүчү документтерди жол-жоболоштуруу жүргүзүлбөйт, жер казынасын пайдалануучуга жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын же өз алдынча башкаруу органдарынын геологиялык иштерди жүргүзүүгө жазуу жүзүндөгү макулдугу берилет. Мында жер участогун берүүгө макулдук жер участогун ижарага берүүчү бүтүм болуп саналбайт, ал үчүн жер казынасын пайдалануучудан акы алынбайт. Жер казынасын геологиялык изилдөөгө макулдук берилген жерлерди жер укугунун ээлери тарабынан айыл чарбалык жана башка муктаждыктар үчүн пайдаланылышы мүмкүн.

**Экинчи чалгындоо стадиясында**, Жер казынасын геологиялык чалгындодо дагы эле, жер казынасын пайдалануучуга жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын же өз алдынча башкаруу органдарынын геологиялык иштерди жүргүзүүгө жазуу жүзүндөгү макулдугу берилет. Бирок жер казынасын пайдалануучу жер участоктун жер кыртышын бузуп баштаса Кыргыз Республикасынын **Жер казынасы жөнүндөгү мыйзамынын 47-** беренесинде көргөзгөндөй Рекультивациялык фондусу ачылат, бул жер кыртышы бузулса жерди кайра калыбына келтиричүү акча каражааттары. Рекультивация фондусунун каражаттары жер казынасын пайдалануучу (лицензиаттын) Кыргыз Республикасынын банктарындагы эсебинде жайгаштырылат жана башка максаттар, анын ичинде кредиторлордун талаптарын канааттандыруу, салык жана бажы төлөмдөрү боюнча карыздарын жоюу үчүн сарпталышы мүмкүн эмес. Эгерде, ишкана банкрот болгон, жоюлган же жер казынасын пайдалануучу каза болгон учурларда рекультивация фондусунун каражаттары Мамгеолагенттиктин тапшыруусу менен жер участогунун ээсинин эсебине рекультивациялык иштерди жүргүзүү үчүн которулат.

**Үчүнчү иштетүү стадиясында**, Кыргыз Республикасынын жер фондунун ар кандай категорияларындагы жер участогунда пайдалуу кендердин корлору табылган учурда чалгындоо убагында, Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттик

ошол жерлерди Пайдалуу кен чыккан жерлердин мамлекеттик резервинин жерлеринин категориясына өткөрүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө кайрылуга милдеттуу. Кыргыз Республикасынын өкмөтү Мамгеолагенттиктин сунуштамасы боюнча, ошол жерлерди Пайдалуу кен чыккан жерлердин мамлекеттик резервинин жерлеринин категориясына өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алынуга тийиш (КР ЖК 28-бер. 4-п.).. Демек, буга чейин жер пайдалануучу компания издөө, чалгындоо иштерин жүргүзүп келип иштетүдөн баш тартса анда **конкурс, аукцион же түз сүйлөшүлөрдүн** негизинде берилет айта кетчү нерсе жогорудагы конкурс жана аукционго жергиликтуу айылдык кенештин депутаттарынын биросу катышуусу керек, ошондой эле ЖӨБ конкурс жана аукционго чейин жер казынасын пайдалануу долбоорлорунун коомдук экологиялык экспертизасын уюштуруп жана социалдык пакетти бекитүүгө тийиш. Ошентип конкурс, аукцион жана түз сүйлөшүлөрдүн талабына ылайык келген компания (лицензиат) жер участогун убактылуу пайдалануу укугун алуу үчүн лицензиат жергиликтүү мамлекеттик администрациясына жана (же) өз алдынча башкаруу органдарына төмөнкүлөрдү тапшыш керек:

1. арыз;
2. жер казынасын пайдалануу укугуна лицензиянын жана лицензиялык тиркеменин көчүрмөлөрүн;
3. бөлүнүүчү жер участогу көрсөтүлгөн графикалык тиркемени.

ЖӨБ жер казынасын пайдаланууга алып койбостон убактылуу пайдаланууга жер участогун бөлүп берүү тууралуу арызды жер казынасын пайдалануучу-аукциондун (конкурстун, түз сүйлөшүүлөрдүн) жеңүүчүсүнүн документтер пакетин тиркөө менен каттайт. 30 календардык күндүн ичинде ЖӨБ жер казынасын пайдалануучуга жер бөлүндүлөрүн убактылуу колдонууга берүү тууралуу арызды карап жана чечим чыгарышы керек. Жер казынасын пайдалануучуга жер участогун иштетүгө берүүдөн баш тартылышы мүмкүн эмес. Келип түшкөн арыз белгиленген мөөнөттө каралбаган учурда мындай макулдук алынды деп эсептелинет.

Эгерде, жеке менчиктеги жер участок лицензиялык аянтка кирип же пайдалуу кен чыккан жерлердин Мамлекеттик резервине кирген болсо анда жер участогу мамлекеттик муктаждык үчүн соттун чечими менен баасын төлөп берүү же тең баалуу жер участогун берүү аркылуу алынышы же Кыргыз Республикасынын Жер кодексине ылайык жер казынасын пайдалануучу тарабынан сатып алынышы мүмкүн. Ошондой эле, ЖӨБ озунун териториясындагы жер казынасын иштетилип жатканда кезектегилерге милдеттуу лицензиаттардын лицензиялык аянтка жетүүсүн, жер казынасын пайдалануучулардын ишине мыйзамсыз кийлигишүүнү алдын алуу максатында жергиликтүү калк арасында иш алып барууну жана лицензиялык тиркеменин (концессиялык келишим, жер казынасын пайдаланууда продукцияны бөлүштүрүү тууралуу макулдашуу) шарттарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жургузуго.

***Биздин айыл өкмөтүнүн территориясында Туз-Көл жайгашкан, ал туристтик объект болуп саналат жана ага өтө көп туристтер жана эс алуучулар келишет. Бул көл жайгашкан территорияны жеке ишкер ижарага алган. Мындай объектилер жер казынасы болуп эсептелеби? Ижарачы ЖӨБОго кандай төлөмдөрдү которууга тийиш?***

Баарынан мурда туристтер Туз-Көлгө эмне үчүн келип жатышканын аныктоо зарыл. Эгерде туристтер бальнеодарылоо деп аталган нерсе үчүн келип жатышса, анда ал объект жер казынасы болуп эсептеле алат жана мындай учурда КРнын Салык кодексинин 310-бер. ылайык салык төлөнүүгө – бальнеодарылоо үчүн минералдык жана термалдык суулар үчүн куб метрине 0,05 сом өлчөмүндө роялти төлөнүүгө тийиш.

Эгерде “Жер казынасы жөнүндө” КРнын мыйзамынын 4-бер. талаптарынан алсак, жер казынасы - жер кыртышынан төмөн, ал жок болгон учурда - **жер үстүнөн жана көлмөлөрдүн жана агын суулардын түбүнөн** геологиялык изилдөө жана өздөштүрүү үчүн, пайдалуу казындылардын чачылма көрүнүштөрүн кошкондо, мүмкүн болгон тереңдиктерге чейинки жер катмарынын бөлүгү. Ошондой эле “Жер казынасы жөнүндө” КРнын мыйзамынын 2-бер. ылайык, жер казынасын пайдаланууда ушул Мыйзам менен жөнгө салынбаган жер, **суу объекттерин,** өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн, атмосфералык абаны пайдалануу жана коргоо менен байланышкан жана ушул Мыйзам менен жөнгө салынбаган мамилелер Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдары менен жөнгө салынат. КРнын Жер кодексинин 89-бер. ылайык, суу фондусунун жерлерине суу көлмөлөрү (дарыялар, **көлдөр**, суу сактагычтар, каналдар), мөңгүлөр, саздар, гидротехникалык жана башка суу чарба курулуштары ээлеген жерлер, ошондой эле бөлүп берүү тилкесине бөлүнгөн жерлер киргизилет.

Эгерде көл ЖӨБО ижарачысы тарабынан жер казынасы катарында пайдаланылбаса, анда ал суу объектисин пайдалануу үчүн ижара акысын төлөсө керек.

***Эгерде ЖӨБО же жергиликтүү жамаат элдик демилге жолу менен мыйзамдолбоорун демилгелөөнү чечсе, мындай учурда мыйзамдолбоорун илгерилетүү механизмдери кандай?***

КРнын Конституциясынын 79-бер. 1-п. ылайык, мыйзамдык демилге укугу 10 миң шайлоочуга (элдик демилге) таандык. Мыйзамдолбоорлору Жогорку Кеңешке киргизилет. Мыйзамдар Жогорку Кеңеш тарабынан үч окулууда кабыл алынат. Мыйзамдар, Жогорку Кеңештин чечимдери катышкан депутаттардын санынын көпчүлүгү, бирок, эгерде Конституцияда башкасы каралбаса, Жогорку Кеңештин депутаттарынын 50дөн кем эмес добушу менен кабыл алынат.

Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган мыйзам 14 күн аралыгында кол коюу үчүн Президентке жөнөтүлөт. Президент мыйзамды алган күндөн тартып бир айдан кеч эмес кол коет же аны өзүнүн каршы пикирлери менен Жогорку Кеңешке кайра кароо үчүн жөнөтөт. Эгерде кайталап кароодо конституциялык мыйзам же мыйзам мурда кабыл алынган редакцияда Жогорку Кеңештин депутаттарынын үчтөн экиден кем эмес көпчүлүк добушу менен жактырылса, мындай мыйзам келген күндөн тартып 14 күн аралыгында Президент тарабынан кол коюлууга жатат. Белгиленген мөөнөттө мурда жактырылган редакцияда

конституциялык мыйзамга же мыйзамга кол койбогон учурда мындай мыйзамга Жогорку Кеңештин Төрагасы 10 күндөн кеч эмес мөөнөттө кол коет жана ал жарыялоого жатат.

Эгерде мыйзамдын өзүндө же анын аракетке киргизилиши жөнүндө мыйзамда башка мөөнөт каралбаса, мыйзам расмий басма органда расмий жарыяланган күндөн 10 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

### *Тоо-кен компанияларынын ишмердүүлүгүнүн кандайдыр-бир маселеси боюнча өзүнүн каршылыгын мыйзамдуу тартипте айтуу үчүн кайсы жакка жана кандай түрдө кайрылуу зарыл?*

Тоо-кен компанияларынын ишмердүүлүгүнүн кандайдыр-бир маселеси боюнча каршылык келип чыккан учурда, биринчи кезекте кайсы маселе боюнча каршылык келип чыкканын так тактоо зарыл, себеби ар бир ыйгарымдуу орган өзүнүн бир катар ыйгарымдарына ээ. Демек, мыйзам менен мындай маселелерди чечүү ыйгарымы берилген органга кайрылуу зарыл. Төмөндө кайсы орган тигил же бул маселелерди чечүүгө укуктуу экендиги кеңири көрсөтүлгөн.

Ошентип, “Жер казынасы жөнүндө” КРнын мыйзамына ылайык КРнын өкмөтү:

1) Жер казынасынын мамлекеттик фондун тескейт жана башкарат;

2) жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө мамлекеттик саясаттын жана мыйзамдардын жүзөгө ашырылуусун жана өркүндөтүлүүсүн камсыз кылат;

3) минералдык сырьенун стратегиялык түрлөрүнө мамлекеттик муктаждыктарды канааттандыруу үчүн арналган жер казынасынын жана кендердин участокторун аныктайт;

4) улуттук коопсуздукту, калктын жана курчап турган чөйрөнүн коопсуздугун камсыз кылуу максаттарында жер казынасын пайдаланууга чектөөлөрдү жана тыюу салууларды белгилейт;

5) стратегиялык мааниге ээ жер казыналарынын участокторунун, кендердин тизмесин бекитет;

6) конкурска коюлууга жаткан жалпы мамлекеттик маанидеги объектилердин тизмесин бекитет;

7) КРнын Пайдалуу кен байлыктардын запастары боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө жобону бекитет;

8) жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө техникалык регламенттерди бекитет;

9) Кыргыз Республикасынын кендерин биринчи ачуучулары жөнүндө жобосун бекитет;

10) Жер казынасын пайдаланууга укукту берүүгө конкурстарды өткөрүү боюнча комиссиянын курамын жана ал жөнүндө жобону бекитет;

11) жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө ушул мыйзамга жана КРнын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарымдарды да жүзөгө ашырат.

КРнын Өкмөтүнүн жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндөгү ыйгарымдарын жүзөгө ашыруусу ыйгарымдуу мамлекеттик органдар тарабынан жүргүзүлөт.

“Жер казынасы жөнүндө” КРнын мыйзамынын 6-бер. ылайык, жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу боюнча ыйгарымдуу мамлекеттик орган:

1) жер казынасын пайдалануу тармагындагы мамлекеттик саясатты иштеп чыгат жана КРнын Өкмөтүнүн бекитүүсүнө киргизет;

2) жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө нормативдик укуктук актыларды иштеп чыгат;
3) жер казынасын пайдалануу тармагындагы салык мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат жана КРнын Өкмөтүнүн кароосуна киргизет;
4) жер казыналарын геологиялык изилдөө жана пайдалуу кен байлыктарды казып алуу үчүн инвестицияларды тартуу максатында ыйгарымдуу мамлекеттик органдар менен бирге жер казынасын пайдаланууда инвестициялык саясатты иштеп чыгат;
5) анын компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча соттон тышкары чечүүнү жүргүзөт;
6) конкурстук жана аукциондук комиссияга катышат;
7) жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу максатында жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруу боюнча ыйгарымдуу мамлекеттик органдан маалымат алат;
8) "Жер казынасы жөнүндө" КРнын мыйзамына жана КРнын мыйзамдарына ылайык каралган башка ыйгарымдарды да жүзөгө ашырат.

Ошондой эле "Жер казынасы жөнүндө" КРнын мыйзамынын 7-бер. ылайык жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу боюнча ыйгарымдуу мамлекеттик орган:

1) жер казынасын пайдалануу тармагындагы мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырат;
2) жер казыналарын жана Пайдалуу кен байлыктар кендеринин мамлекеттик резервинин жер участокторун пайдаланууга укуктарды берүү системасын уюштурат;
3) жер казынасын геологиялык изилдөө жана пайдалуу кен байлыктар кендерин иштетүү үчүн инвестицияларды тартат;
4) жер казынасын геологиялык изилдөөнү жөнгө салат;
5) КРнын Пайдалуу кен байлыктарынын запастарынын мамлекеттик балансын жүргүзөт;
6) КРнын Кендеринин жана пайдалуу кен байлыктарынын көрүнүштөрүнүн мамлекеттик кадастрын жүргүзөт;
7) мамлекеттик геологиялык маалыматтык фондду башкаруу боюнча ишти уюштурат;
8) КРнын Пайдалуу кен байлыктардын запастары боюнча мамлекеттик комиссиясынын ишин уюштурат;
9) геологиялык, тоо-кен жана жерди бөлүп берүү чек араларында жер казынасын коргоого көзөмөлдү жүзөгө ашырат;
10) Ушул мыйзам менен каралган учурларда жер казынасын пайдалануу укуктарын мамлекеттик каттоону жүзөгө ашырат;
